ЫРГ
2,3Ки
Э 74

# ЭР ТӨШТҮК



*Кыргыз эпосу*

Кырг
82.3Кы
Э74

# ЭР ТӨШТҮК



КТ

ЖОМОК-ПОВЕСТЬ

*кыргыз эпосунун негизинде*

*Э. Хаммурзаевдин сүрөттөрү*

РАРИТЕТ
БИШКЕК

2010

УДК 821.51—93
ББК 83.8
Э—74

Китеп «Кумтөр Оперейтинг Компанинин»
каржылык колдоосу менен чыгарылды.

Кенже жана орто мектеп жашындагылар үчүн

*Адабиятташтырып иштеп чыккан Виктор Кадыров*
*Которгон Эсентур Кылычев*

Э—74 Эр Төштүк: Кенже жана орто мектеп жашындагылар үчүн / Адабиятташтырып иштеп чыккан В. Кадыров; Котор. Э. Кылычев; Сүрөтчүсү Э. Халмурзаев. — Б.: Раритет, 2010. — 52 б.: сүрөт.

ISBN 978–9967–424–72–2

Бул жомок-повесть кыргыз элинин «Эр Төштүк» эпосунун негизинде жазылган, анда Эр Төштүктүн жер алдындагы укмуштай окуялары сүрөттөлөт. Эр Төштүк жер алдында мифтик каармандарга кездешет, алар менен бирге акыйкаттык, сүйүү үчүн кан-жанын аябай салгылашат.

«Эр Төштүк» кыргыз элинин байыркы түрктөр доору менен байланышып кетет. Бул эпостун кайрыктарын батыш сибирь фольклорунан («Йир Түшлүк» эпосу) жана казак жомокторунан («Эр Төстүк») кездештире алабыз.

Жомок-повесть кенже жана орто мектеп жашындагы балдар үчүн арналып жазылган.

Э 4803300100–10

УДК 821.51—93
ББК 83.8


РКЮБ Кыргызской Республики
им. К. Баялинова
Инв. № 466331

ISBN 978–9967–424–72–2

© «Раритет» басмасы, 2010

# Мазмуну

Керемет уул
6
Агалары жана Бектору менен кездешүү
9
Колукту издөө
13
Желмогуз кемпир
17
Эр Төштүк менен Кенжеке
20
Желмогуз менен кармашуу
22
Жер алдында
25
Жаңы достор
31
Көкдөө
35
Кайгыга чөккөн Куйту-күң
40
Жеңиш
44
Алпкаракуш
50
Элге-жерге кайтып келүү
54



Жердин чок ортосунда дүйнөнү экиге бөлүп, башы көк тиреген зэбегейсиз зор дарак калдайып өсүп турат. Анын бир тарабында күндүн жан киргизген нурлары түркүн түстөгү шоолаларын чачыратып төксө, бир тарабында жер алдындагы алоо жалын жүрөк түшүргөн тилдерин жылан сымал туш тарапка соймоңдотуп, бурч-бурчту тинтет. Ошентип, дарак тээ алмустак замандан бери өзүнүн эки өмүрүн чарчадым-чаалыктым дебестен сүрүп келет. Жалбырактары дүпүйгөн чынар терек күнду беттеп бой керсе, шүмүрөйүп баштары сынган опсуз зор теректин ичке бутактары жер алдында кунарсыз салбырайт. Чынар терек да, мырза терек да тамырлашып бирге өскөнү менен тирүүлөрдүн дүйнөсү менен жер алдындагы дүйнөнү бөлүп турган түбү жок туңгуюк жаткандай. Жер алдына бир да тирүү жан түшүп, кайрылып кайра чыга албас. Бул сыйкыр дүйнөнү өлгөндөр гана, алардан башка перилер, шайтандар, дөөлөр өңдүү керемет жандар гана мекендейт.

Чынар теректин түбүндө алмустак замандан бери күн десе күндөй, ай десе айдай сулуу Бектору пери жашаган жаман алачык. Бектору перинин милдети саябан бакты, анан киши көзүнө көрүнбөгөн эки дүйнөнүн чегин жан жолотпой кайтаруу. Пери жашаган, чынар терек өскөн өрөөнду асман мелжиген бийик, кан-сөлү жок бопбоз тоолор жат көздөрдөн далдаалап, ишенимдүү кайтарып да, курчап да турат.

Кез-кези менен сыйкыр дүйнөнүн пенделери гана терекке учуп-конуп кетишкени болбосо, көбүн эсе Бекторунун жашоосу жалгыздык менен өтүп жүрдү. Ай жарыгы алдындагы дүйнөдө канча заман, канча жыл жашап келатканын пери билбей деле калды. Кээде Бектору Кудайдын кулагын сүйүндүрүп, күмүш тилдүү алтын ооз комузунда ойноп калчу. Ошондой күндөрдүн биринде пери кайгы-муңга толгон татынакай күүнү кубулжута ойноду да, анан Жаратканга мындай деп кайрылды: "О, кудурети күчтүү Кудай! Мен жер алдындагы дүйнөнү кайтарам деп жүрүп достук деген эмне экенин, махабат деген эмне экенин такыр билген жокмун. Мен дагы ашыктык отуна тутансам дейм. Мага бул дүйнөдө да, тигил дүйнөдө да күйөө боло турган адамды жаратып бер деп сурайм! А мен болсом өзүмдүн мойнумдагы оор жүгүмдү канча десең да аный дебей көтөрүп бара берем".

Көп өтпөй перинин түшүнө көгүчкөн кирди да, мындай деди: "Жүрөктөй сулуу Бектору, жакында сенин жүрөгүңө чок сала турган адам туулат. Бирок ал кишинин тагдыры анын өз колунда болоорун унутпа. Дагы бир айтаарым, эми махабат кушун качырбай бекем кармап кал".

Ууртарын күлкү аралап, жүрөгү кубанычка толгон Бектору уйкусунан сергек ойгонуп турду.

# Керемет уул

Илгери-илгери Элеман аттуу байлыгы ашып-ташкан хан болуптур. Кечинде анын койчулары малды бетегелери белден буралган жайыттардан чөптөрү күйүп кеткен өрөөндөргө айдап түшүрүшкөндө жарык дүйнөнүн төрт тарабы аккан суудай кылкылдап, аяк-башы көрүнбөй калчу экен.


Хандын сегиз уулу болуптур. Битиреп канын сыккан Элеманга балдары эмес, сан казына, түмөн мал гана түбөлүк байлык сыяктанып көрүнчү экен. Хан чардап тойлогонду, санаага батпай ойногонду жакшы көрө турган. Хан уулдарын башынан сылап эркелеткенге, акыл айтып тарбыя бергенге чолосу тийбептир.

Ошентип жылдар өтөт, хандын бели бекчейип, көзү чекчейип карылыкка алдырат. Ага удаалаш бир күнү кырсык да көп чакырттырбай эле жете келет, көктөн тып эткен тамчы тамбай жайыттагы чөптөрдүн баары күйүп кетет. Ошондо Элеман койчуларын уулдарына кошуп, жайлоого көчүрөт.

Алар ошол бойдон жер жутуп кеткенсип ың-жыңсыз жок болушат. Колунда бир өгүзү, аз гана кою калган Элеман мал азабын катуу тартат. Карыганда малын өзү кайтарып, айран үчүн аялы койлорун саап отуруп калышат.

Күтүрөгөн баягы мал жок, көзү тунарыктап дөөгүрсүгөн баягы бай жок, эми абышка-кемпирдин ичип-жебей калган күндөрү да болот. Жакшы күндөр унутулуп, кийим-кечек жыртылып, бир кездеги жайнаган көздөр жыртыйып, суукка тоңуп, ысыкка күйүшөт, кыйналып жүрүшөт. Күн куру койбой Элеман Кудай-таалага наразылыгын айтат: "Кудурети күчтүү Кудай! Жерге батпаган малым бар эле, шеңирдей болгон сегиз балам бар эле. Солк этпей турган чамам бар эле. Эми анын бири жок, эмнеден жаздым, кайсы жерди мүдүрүлө бастым". Кемпири ага жооп кайтарат: "Сыгып алса кан чыкпаган, сураганга мал чыкпаган, битир элең. Жазалады Алла-таала бир өзүңдү, алды да мал-жаныңды күтүрөгөн. Таратып байлыгыңды эл-журтуңа, кечирим сурап алгын Кудайымдан, көп эле капа болуп, үтүрөйбөй". Элеман бул сөзгө муюйт да, дал ошол кемпири айткандай кылып колундагы болгон байлыгын жарды-жалчыларга бөлүп берет, акыркы коюн Кудайга арнап курмандыкка чалат.

Ошондон көп узабай эле түшкө кирбей тургандай бир керемет иш болуп өтөт. Жашы келип калган кемпири кара көздүү, чымыр эттүү бала төрөйт.



Бала эки күн өтпөй "Апа" деп, үчүнчү күнү "Ата" деп сүйлөйт. Кийинки күнү бутуна каз-каз туруп, Элеман өгүздөрүн кайтарып жүргөн талаага там-туң басып келет да: "Ата, үйгө кете бер, өгүздөрдү эми мен кайтарам", — дейт.

Ошентип бала Эламанды кубанычка бөлөп, күн санап эмес, саат санап өсө берет. Чарбанын жүгүн бүтүндөй өз мойнуна алат. Элеман баласына ат таба албай кыйналат, оюнда уулун эч кимде жок ат менен атагысы келет.

Айласы кеткен Элеман айылдаштарына кайрылат, табылбаган соң ылайыктуу ысым, орой-бешенесин бузуп, атасы өлгөн немедей кайгырат. Бир кезде сакалы куудай болгон аксакал пайда болот да Элемандын жанына келип: “Балаңдын атын Эр Төштүк кой — уулуңа Кудай-таалам өзү эге”, — деп көздөн кайым болот.

Көп өтпөй айылда Эр Төштүк менен күч жагынан болобу, шамдагайлык жагынан болобу күч сынаша турган бала калбайт. Төштүк күрөшсө күрөштөн алдырбайт, эңишсе эңиштен алдырбайт, чогулуп алып сабайбыз деп, көгала болуп, көптөрүнүн колу-буту сынды алтургай.

Ошондой күндөрдүн биринде, ыдык көргөн балдардын биринин энеси союлу менен сабап жерди, Төштүккө минтип айкырып сала берди: “Эгерим ушунчалык эр болсоң, эчтекеден коркпос шер болсоң, агаларыңды таап ал издеп, ошончо эле ишенсең кара күчкө”.

Эр Төштүк аябай ойлонуп калды, ата-энесинен укпаса да бир ирет, издеп табуу керек, Жердин жети катмарын тинтип, кабар-дайны жок жоголгон бир туугандарды. Үйдө жатып өлгөндөн көрөк, издеп чыгып агаларын, баатырларча кармашта өлүү керек.

Төштүк үйүнө капалуу кайтты, ата-энесине укканын төкпөй-чачпай айтты. “Жалгызсың дешти алары, жооткотуп баланы, айтылгандын баары тең, ич күйдүлүк жомогу, көрө албастык баяны”.

Төштүк боз үйгө жөлөнө отурду да, жети күн, жети түн бою үн деп ооз ачкан жок. Аң-таң болду бардыгы, Элемандын эрке уулу, жинди болуп калдыбы. Атасы ыйлайт, жалынат, балам келип тамак ич, тойгузуп ал кардыңы. Төштүк ал ансайын ойго батып тунжурайт.

Чыдай албай кетти Элеман:

— Ооба, сегиз баламдын болгону анык. Түгү калбас жыластар, түгөл тентип өлүшкөн. Жылма болгон жамандар, жылкыны ээрчип өлүшкөн. Төгөрөктүн төрт бурчун, төрт айлана кыдырдым, туна чөккөн сегиз уул, кай кеткенин билбедим. Айланайын чырагым, карганда көргөн кубанчым, аларды издеп жок болсоң, абыдан карган Элеман, балдарынын бири жок, күнү эмине болмокчу?

Мында да Төштүк турбады, булкунгандан силкинип, өрттөй көзү жайнады:

— Оой, атаке не дейсиң! Бул сөзүңдү ким уксун, бир караңгы түн уксун, төшү кара жер уксун, казылып койгон көр уксун, мындан бөлөк ким уксун!

Элеман эч айласын таппай, “издесең Төштүк мейли” дейт, карганда көргөн эркесине болот чокморун колго берип, агаларын издеп келүүгө, издеп жүрүп өлүүгө бел байлатып үрүл-баралда узак жолго узатып кала берди дейт.

# Агалары жана Бектору менен кездешүү

Эр Төштүк ак кар, көк муздуу ашуудан бетегеси белден буралган, кызыл-тазыл гүлдөрүн, көргөн бир адам кубанган өрөөнгө ылдыйлап түшүп келди. Абасы атыр жыттанган, токою толгон куштарга, арчада элик ышкырган мындай жер Төштүккө бейиш өңдүү сезилип кетти.

Араак бастырса бетеге-чөптү жапырып өткөн жылкынын изи көрүндү. Изди кубалап отуруп такыядай боз дөңгө чыгып барды эле, Элемандын жоголгон жылкысы түз талаага толуптур, көптүгүн көрсөң кой-жылкы, жердеги чөпчө болуптур. Баатырдын жүрөгү дүкүлдөп согуп, кубанычын жашыра албай, көздөн аккан жашын токтото албай, көрүнөбү деп эки жактан агаларын карап, тезирээк көрсөм экен деп кудайлап самап, чапкан тейден мал четине жетип келди.

Элемандын Камбарата сары айгыр бирдемени сезгендей башын көтөрүп, кишинеп койду эле беттеги жайылган түмөн мал бир заматта толкуй түштү.

Көп алыс эмес жерден Төштүк кишилер жашаган, алачыктарын арбайган-тарбайган, эптеп эле үй деп атаган конушту байкады. Алардын ичинен колдоруна таяк алып, териден кийим кийген, арып-ачкандары менен агаларым ушулар го деп баатырды сүйүндүргөн сегиз атырылып чыгышып, белгисиз немени ормое карап туруп калышты. Эр Төштүк да аларды таң кала карап турду, эң улуусу сегиздин, апакай сакал болуптур, эң кичүүсү алардын, кара сакал болуптур.

Баатыр аттан түштү да, канжыгадагы ичи дүнүйөгө толо шыкалган кол башындай көк куржунду чечип жерге койду. Көк куржундун ичинде нелер бар да, нелер жок. Агасын издеп келээрде, кең Кашкарды чалдырган, алтын менен кыйытып, сегиз чепкен кылдырып, көк куржунга салдырган. Тоо текенин терисин, толгой кармап ийлетип, жалаң кундуз терисин, багалекке салдырган. Жылас болгон сегиз шым, көк куржунга салдырган. Жолукканда жолу каткан бул иттерге белек кылсам деп тилек кылган, эми белегин албай тескери бурулуп турушат сегиз бул кудай урган.

Ошондо Төштүк теректи керип жаа жасады да, алты кысыр, кырк байтал, жаа менен атып алды эми. Бирөөн аман калтырбай, жара тартып салды эми.

Ала-Тоодой эт кылып, Ала-Көлдөй чык кылып, аш тулганы койдуруп, тамтайып жүргөн буларды, такыр этке тойдуруп Төштүк турганда сегиз уулдун ак сакалы мындай дейт: "Кыпчак эле айлыбыз, көптөн бери биздердин, көрүнбөй кетти дайныбыз. Элеман эле атабыз, көптөн бери айрылып, жылкы ичинде жатабыз. Айлар өттү, жыл өттү, арадан эчен күн өттү. Ээрчип жүрүп адаштык, жылкы деген түгөттү".



Агаларын Эр Төштүк, казы-карта менен тойгузду да, курсагы тоюп, жандары жер тарткан немелерди шаркырап аккан тоонун шыргалаң суусуна салып, кычыларын кетирип, алчыланта көк куржундагы кийимдерди кийгизди. Жылас болгон жылкыдан, баарысына бир бирден, куюндай тулпар мингизди. Бир кезекте мал артынан кеткен адашып, Эр Төштүктүн алдында, биринен бири өткөн бакыйган, баатырлар турду жарашып.

— Эл-жериңер кайда? — деп, эми Төштүк сурады. — Ураанын ким, жериң ким, сегиз агам жооп айт, уругуң ким, элиң ким?

Токтоно албай чоң сакал, Төштүккө айтат мындай кеп:

— Кыпчак эле айлыбыз, көптөн бери биздердин, билинбей кетти дайныбыз. Олуя берген батабыз, Элеман бай атабыз, көптөн бери айрылып, жылкы ичинде жатабыз. Сегиз уулун жоготуп, тозок тартып Элеман, ушул күндө өлгөндүр.

Аны уккан Эр Төштүк, чамынып эми турганы:

— Атаң-энеңер тирүү дейт, Элемандын эң кенже, алдыңарда туру

дейт. Айлыбызга кетебиз, мал-жанды бүт чогултуп, анан барып көчөбүз.

Агалары бирин бири карашып, көздөрүн жерден албай дулдуюшат. Акыры алдыга алардын улуусу чыкты да:

– Малды толугу менен сактап кала албадык. Жылкылардын бир бөлүгүн сенирдей болгон бир зор жигит келип, бөлүп алып кетти. Ал жигиттин жүзүн көрө албадык, башындагы чоң тебетейин гана көзүбүз чалды, – деди капаатданып.

Эр Төштүк ойлонуп калды да, бир аздан соң:

– Өзүбүздүн адал малыбызды башкаларга алдырганыбыз болбос, мен ал жигитти таап, жылкыларды кайтарып келейин. Силер айлыңарды көздөп бара бергиле, мен артыңардан кууп жетем, – деди.

Эр Төштүк жылкыларын издеп көпкө жүрдү да, бир күнү эле жомоктогудай керемет өрөөнгө туш келип калды. Тоонун түбүндөгү жемиш бакта чоңдугу аттын башындай болуп кызарып бышкан алмалар көздүн жоосун алат. Жанындагы аскадан түшкөн шаркыратманын үнү алда кайдан угулуп, асканын түбүндөгү алтын булактын суусу акырын шылдырайт. Ал булактын суусу көпкөк өрөөндү тепчип өтүп, керемет көлгө барып куят экен. Көл күн нуруна чагылышып, кээде кызарса, кээде көгөрүп, кээде алтынга окшоп жылт-жулт этип толкуп турат. Дөңсөөнүн чокусундагы чынар терек менен анын алдындагы жаман алачык үй көзгө түшөт.

Бир кезде алачыктан ай десе айдай, күн десе күндөй чүрөк кыз баатырды утурлап тосуп чыкканда Төштүк эмне дээрин билбей дел болуп туруп калды. Оюу онго, санаасы санга бөлүнүп, кызды тиктеген тейден катты да калды. Кыздын кыпча бели, аккуунукундай болгон мойну, желге сеңселген чачтары, ботонукундай жайнаган көздөрү баатырды бир заматта эле арбап алды.

Бекторy Төштүктү колунан жетелеп, алачыктын ичине киргизди да, жерге төшөлгөн килемдерге отургузуп, кымыз сунду. Пери Төштүккө сүйлөбөй эле булбулчасынан мыштып ырдап жатты:

– Сырттан Төштүк баатырым, күч жагынан улуусуң, эркектен чыккан сулуусуң. Бейтаалай мендей шордууга, кезиктир деп бул айда, жалынгам нечен Кудайга. Турасың эми кашымда, эки дүйнө бетинде, каламын кармап качырбай, мага деп Кудай жараткан, өзүңдөн муну жашырбайм.

Төштүк, Төштүк болгону, Төштүк атка конгону, мындай сулуу көрө элек, көңүлү мындай толо элек. Төштүк айлына бараткан агаларын унутту, Төштүк үйүндөгү ата-энесин, абаларын унутту, көзүн Бектордан албай, сөз эле эмес, созолонгон ыр укту. Бейиштин төрүндө жети күнү чардашты, сегизинчи күн дегенде пери Төштүккө мындай деген кеп айтат, кеп айтканда бек айтат:

– Элиңе эсен барыңыз, айдап кет, түгөл малыңыз, жуучулар келчү күтөмүн, түбөлүк эми мендиксиң, мендиксиң эми бүт өмүр.

# Колукту издөө



Бекторунун алачыгында кулак кескендей жымжырт, жерге ташталган терилердин үстүндө Элемандын сегиз уулу жигиттери менен кызуу уйкунун үстүндө. Түндүн бир оокуму болуп калса дагы карган хан уктай албай ордунда ары-бери оОналактайт. Акыркы күндөрү кемпири экөөнүн башынан эмнелер гана өтпөдү. Жоголуп кеткен балдарынын капыстан табылып, үйгө кирип келиши экөөн тең жинди кылып кое жаздады. Өзүлөрү эле келбей, күтүрөтүп айдап келип таштаган мал-жанычы. Бир заматта эле кедей болуп калган Элеман кайра бир заматта эле бай болуп бапырап жатып калды. Мунун баарын жасаган Төштүк, аны Кудай-таала атайылап эле берип койгондой. Кийинчерээк Төштүк эмнегедир санаачыл болуп кетти, капачыл болуп кетти. Анан кудай жалгап эле сыр сандыктын оозу өзү ачылып калса болобу, Төштүк атасы Элеманга келип агаларын, өзүн үйлөнтүүнү суранды. Элеман ары ойлонуп, бери ойлонуп таң калды, балдары ушул жашка келгичекти, бул тууралында ойлонбогонун карасаң карган чалдын. Элемандын тукуму уланыш керек экенин өзү ойлобосо ким ойломок.

Элемандын кирпиктери катып, ары-бери оонаЛактайт. “Балдарды үйлөнтүү керек !” — деп айтып коюу ар кимдин эле колунан келет дечи, бирок ошол тогуз колуктуга канча калың, канча кийит берүү керектигин ким эсептеп көрүптүр дейсиң. Албетте, үйлөнтүү керек, алды минтип аппак сакал абышка болуп калыптыр. Эр Төштүктүн кылганы болсо бул, атасына кеңешпей-этпей туруп, жердин жети түбүнөн баарын Бекторуга жибергени. Элеман кыздын жалгыз жашаарын, урук-тууганы жок экенин, же байлап койгон жаман эчкиси да жок экенин көрөөрү менен эле бу кыздын Эр Төштүккө тең эмес экендигин байкады. Жаштык — мастык деген ушул. Элеман Бекторунун алачыгында өргүүнү да ойлобой, токтобой өтүп кетишти эле, каяктан каптаган туман экени белгисиз, жол көрүнбөй, айланып жүрүшүп кайра эле Бекторунун алачыгына туш болушту.

Алачыкта катуу уйкудагылардын бир калыпта дем алганы, коңуругу, тышта шаркыратманын үнү гана угулат. Элеман аларды Бекторунун кантип тосуп алганын, анын аркардын туягына куюп келген кымызынын таттуулугун, баары көңтөрүп канча ичишсе да, туяктагы кымыздын мелт-калт тейден түгөнбөй кала бергенин эстеди.

А бешбармактын таттуулугучу! Канча жешпесин табактын ичи оюлуп да койгон жок. Кыздын меймандостугу, ийбааты Элеманга аябай жакты, жакшы келин боло тургандай жан экен. Төштүктү го үйлөптсүн, а башкаларын эмне кылат, анын үстүнө Төштүк алардын эң кенжеси го. Бир кезде Элеман башына кылт эткен ойдон улам ордунан ыргып турду. Эгер анын тогуз уулу болсо, өзүндөй эле дагы бирөөнүн тогуз кызы бардыр да. Кийит жагын болсо эки ата тең бөлүшүп көтөрөт да, ошону менен иштин баары оң жагына чечилет, ушундай ойлор менен өзүн жубаткан Элеман коркурап бат эле уйкуга кетти.

Эртеси кербен жолун улады. Элеман Бекторуга меймандостугу үчүн ыраазычылыгын айтты. Жигиттер жолго чыгууга даярданып жатышты, Бектору болсо улам-улам Элеманды карап коет. Элеман атка мингенде гана Бектору:

— Урматтуу ханым, бирдемени унуткандай болуп турасыз да, — деди.

— Чын эле, ырас эстетпедиңби балам, Төштүктүн берип ийгени бар эле, — деп чепкенинин ичинен жибек жоолук алып чыгып сунду да, атынын башын ары буруп, Бекторунун алачыгынан алыстай берди.

Жолоочулар көп жолду басышты, көп сууну кечишти, көрбөгөн, барбаган өлкөлөрү калган жок. Элеман бул жолунда түшүнө да кирбеген көп кереметтерди өз көзү менен көрдү, бир гана тогуз кыздуу адамды кезиктире албады. Бир күнү арып-ачкан жолоочулар Агай-хандыкында өргүп калышты. Хандын аялы аларды өргөөгө алып кирип, кымыз сунду. Кымызды кылкылдатып жутуп жаткан Элеман бир кезде чакап калды, караса эле боз үйдүн керегесинде келишкен тогуз жуп сөйкө илинип турат. Хандын оозунан сөзү түшүп эле, колдору менен сөйкөлөр илинген жакты улам-улам жаңсагылайт. Эмне болуп жатат деген Агай-хандын аялы коноктун жоругуна түшүнө албай коркуп кетти, Элеман түшүндүргөн соң боз үйдөн сыртка кыйкырып атып жөнөдү:

— Агай-хан! Агай-хан! Сүйүнчү, сүйүнчү, тогуз уулдуу хан келиптир!

Агай-хан өргөөгө шашып кирди да, кыздарын тогуз уулдуу киши табылса калыңы жок эле бере турганын, үстүнө тогуз топоз сылай жүктөлгөн алтын-күмүштү сеп катары кошумчалаарын айтты. Сүйүнүп кеткен Элеман:

— Кел, Агай-хан, убадалаштык деп төштөшүп коюлу, кыздарыңды калың төлөп алаарыбызды гана угуп кой. Алтын-күмүш, дүр дүйнө жыйырма төөгө жүктөп келдим, чечип түшүрүп ал, эми кан кудаңды күтүнүп ал! — деди.

Эки хан убадаларын бектешип, кучакташып-төштөшүп, тойго камынып калышты.

Ошентип улуу той болду. Ала-Тоодой эт болду, Ала-Көлдөй чык болду, чакырылган коноктор, бири калбай бүт болду. Балдарына хандардын, бакыт конду, кут конду. Сегиз бала, сегиз кыз, кол кармашып киришти. Арасында мал-жанды карайм деп үйүндө калган Төштүк гана жок болду. Ага колукту боло турган Кенжеке да көрүнгөн жок. Атасынын чечимин уккан Кенжеке чочуп кетти, өзүн, келечектеги жолдошун көп оор сыноолор күтүп турганын билди, анын алдын ала билген касиети бар эле.

Талаа бетин керней-сурнайлардын үнү жаңыртып, чылк алтындан жасалган барабандар күпүлдөтүп кагылды. Агай-хан кыздарын арабдардын асыл кандуу тулпарларына олтургузду. Алтындан жасалган ат жабуулардын чачылары жер чийет, чыдай албай чүрөктөй сегиз кыздын көркүнө күн тутулгансыды. Тебетейлерден самсаалаган күмүш коңгуроолордун үнү алда-кайда шыңгырап угулат. Күмүштөп сайма сайылган, керемет оймо салынган кыздардын ичиктеринин этеги жер чийет.

Элеман, Агай-хан тойго келгендер менен амандашып, жүз көрүшүп чыгышты. Кубулжуган ырлар көңүл эргитеп, жүрөк сергитип оболоп учат. Балбандар күчтөрүн сынашып, алдуусу алсызын сулатып, селкинчектер канаттуулга окшоп бирде көккө көтөрүлсө, бирде жерге түшөт.

Ар нерсенин аягы бар, башы бар. Элеман элине жөнөп калды шатырап. Агай-хан берген малды алдыга салып, кийит-кечесин төөлөргө артынып алып жылмак болушту. Бир гана Кенжеке атасы бергендерди албай, ар нерсени тандай, катуу карышты.

Кызынын өргөөсүнө кирген Агай-хан байбичеси экөө кубарып-себерип, кан-сөлү качкан кызын көрүп, катуу чочулап калышты:

— Күмүштөн бүткөн күнүбүз, алтындан бүткөн айыбыз!

Көзүңдүн жашын көрбөйлүк, каалабасаң Төштүктү, канчалык калың болбосун, ачыгын айт, бербейлик. Ар кандай шартка көнбөйлүк.

— Силерге ырахмат, атакебай-апакебай, — деди Кенжеке шишиген көздөрүн көтөрүп. — Тагдырдан кайда качып кутуласың, эртеби-кечпи, баары бир тутуласың! Кайдан тапмак элем Эр Төштүктөй күйөөнү, колумдан келишинче ага жөлөк болом, ага тирек болом. Анын досторунан кастары көп болот, бирок анын мага болгон сүйүүсү күчтүү болот, бек болот.

Унчукпай калды да азга, анан атасына минтип кайрылды:

— Бөлүшкүңүз келсе кайгымды, сураганды бериңиз, ошондо калыс болот кебиңиз.

— Сенден эчтекемди аябай калайын, айланайын каралдым, — деп жиберди атасы муун-жүүнү бошой.

— Мага короо-короо коюңуздун, үйүр-үйүр жылкыңыздын кереги жок. Мага берем десеңиз Чалкуйрукту бериңиз, накта болсо кебиңиз, Чаарингенди бериңиз, кара бээни кошо бер, ийниңдеги кыл торко, Чайингини чечип бер, ата, — деди Кенжеке.

Агай-хан эмне дээрин билбей буйдалып калды. Кыл торко Чайингини анын чоң атасына ченде жок сыйкырчы белек кылып берген. Чааринген менен кара бээни укумдан-тукумга көздүн карегиндей кастарлап келишет. Алардагы мал-жандын пири ошо экөө. Чалкуйрук болсо анын жаны, кайда жүрбөсүн, кайда болбосун анын канаты. Кызынын сураганы өтө эле көп, бербесе ыйлайт өпкөлөп, бир четинен бериштu да көрөт эп.

Эмне деп жооп бериштu билбей, хан катуу убайымга батат. Кенжеке чөп башындай дирилдеп, көзүн атасынын көзүнөн ала качат. Аңгыча энеси чыдай албай кетти да Чалкуйрукту жетелеп келди, Чалкуйруктун артынан Чааринген менен кара бээ өзү жетип келишти.

Буларды көргөн атасы Кенжекеге Чайингини да чечип берди. Эр Төштүк экөөнө бакыт тилеп, бата берди.

Кенжеке Чалкуйрукка минди да, кыл торкону куржунга бапестеп салды. Чааринген менен кара бээни кошоктоп жетелеп алды. Кыздын болгон себи ушу болду да калды!

# Желмогуз кемпир

Элеман ак кар, көк муздуу тоолордон өтүп, күрпүлдөп аккан дайраларды кечип, такырайган талааларды кезип, уулдарын, келиндерин коштоп, кербени менен кыргыз жергесин көздөй шашылып келе жатты. Бир кезде бетегеси белден буралган, жыты аңкыган чөптөргө толгон жапжашыл өрөөнгө түшүштү. Бир кызыгы айлана кулак-мурун кескендей жымжырт болуп, же учуп-конгон чымчыктар көрүнбөйт да, же каркылдаган карганын үнү угулбайт. Булак гана акырын шылдырап агып жатат.

Элеман кербенине ушул жерге токтоп үйлөрдү тигүүнү, малды жайып, өргүп алууну буюрду. Кенжеке кайын атасы хан Элеманга басып келип:

— Ата, ушул жерге өргүбөй эле койсокчу, бул жердин уурусу калың эле, каракчысы мол эле, — деди.

Элеман: "Келбей жатып баштаган, керет келин экенсиң, барбай жатып баштаган, байкуш келин экенсиң", — деп аябай ачуусу келди да, Кенжекенин тилин укпай койду. Үйлөрдү тигишти, эс алууга киришти. Күн да тынч болду, түн да тынч болду. Кенжеке гана бир кызыктай түш көрдү.

Ал кербенден артта калып, булакка атын сугарганы барса алдынан ай десе айдай, күн десе күндөй сулуу кыз чыга калат да, булбулчасынан сайрап:

— Алдыңдагы Чалкуйрук, Кенже, ал өзүңө кут болсун, жаным! Кошулаар жарың Эр Төштүк, Кенже, ал өзүңө кут болсун, жаным! — дейт.

Кыздын көздөрү карагаттай коймолжуп турганы менен карашы кектүү. Ошондо Кенжеке:

— Астымдагы Чалкуйрук, атакем берди, мен миндим, сеникин тартып алдымбы, долу? Менин күйөөм Эр Төштүк, атакем коштү, мен тийдим, сеникин тартып алдымбы, долу? — деп тилдеп салды.

Кенжекенин сөзү кызга жакпай калды көрүнөт, катуу жаалы келип, бирок сыр алдырбай:

— Жолдо жүрүп чарчаган көрүнөсүң, суусун жутуп алчы, Кенжем, — деп идишин кош колдоп сунду. Аны Кенжеке ичпей туруп, жерге төгүп ийгенде, уу төгүлгөн көк чөп саргайып калды.

Мындай болоорун күтпөгөн Бектору чыдай албай:

— Сен менден бактылуу болдуң, жок жерден минтип баатырлуу болдуң, берип кет аны өзүмө Кенже, көрүнбө анан көзүмө Кенже! — деп чаңырды.

— Кудайым коштү, мен алдым, эже ай, сеникин тартып алдымбы, эже ай, бере албайм аны эч кимге, эже ай!



Пери өң-далеттен кетип, сурданаары менен алеки заматта шамал болуп, Кенжекенин чачтарын ары-бери уйпалап, учуруп жиберди.

— Макул, сен айткандай болсун, Кенжеке, — деп сөзүн улады Бектору. — Элеман уулу Төштүккө, бул дүйнөдө тийбеймин, долу! Жети күндүк жалганга, убара болуп жүрбөймүн, долу! Элемандын сырттаны, бул дүйнөдө сеники, о дүйнөдө меники, долу! Төштүккө белек берейин, Кенжем, алыска сапар жүргөндө, Кенжем, жүзү-колун арчысын, Кенжем, кытай жоолук берейин, Кенжем! Устукан мүлжүп жүргөнгө, Кенжем, болот кестик берейин, Кенжем!

Анда Кенжеке:

— Бу дүйнөдө мен алдым, эже ай, кыяматта бербеймин, эже ай, жоолугунду катып ал, эже ай, кестигинди бачым ал, эже ай! — деп жооп берди.

Ошондо Бекторунун кабагына кар жаап, тоо башына чагылган чартылдап, күн күркүрөп жиберди. Кенжеке Чалкуйрукка шарт минди да, учкан тейден зымырап кете берди. Артынан Бекторунун гана заңкылдап кыйкырган үнү жаңырыктап угулуп турду:

— Шашпа, Кенжеке! Качпа, Кенжеке! Баатырыңдан да айрылаарсың, ушуну эсиңе сакта, Кенжеке!

Түшүнөн Кенжеке алма-чөлмө терге түшүп чочуп ойгонсо, боз үйдүн



РЮБ Кыргыз Республикасы
Инв. 466531

ичи жымжырт. Тышта эл жолго чыгуута кам көрүп жатышкан экен, "Бул жерден тезирээк кетип калалык" деп ойлоду Кенжеке туруп жатып.

Ошол маалда Элеман аттарын сугарып турса сууда бир өпкө агы келатат. Битиреген абышка аны кармап алып иттерге берүүнү ойлоп, сууга кирет. Укурук менен сайып кармап алам десе өпкө токтобой эле агып кете берет да, камыштарга барып туруп калат. Абышка артынан жетип, кармаар менен өпкө тарсыйып чоңою баштайт, чоңойгондон-чоңоёт.

Бир кезде өпкө суудан атып чыгып, Элеманга жылан сыңар оролу калат. Жүрөгү түшкөн Элеман карап турса, өпкө өпкө эмес эле сыйкырчы Желмогуз кемпир экен. Жез тырмактары менен Элемандын чачын тутамдап, абышканын көөдөнүнө секирип минди да, буттары менен анын кекиртегин бекем кысты. Ошентип, тоону тоодой, ойду ойдой аралай чапты, хан Элеман кыйкылдап, өлөөрүнө көзү көрүндү. Кокуйлаган үнү угулбайт, чиркейдин зыңылдаган үнүндөй гана үн чыгарат:

— Айланайын байбиче, жанымды кой! Өлүп баратам, жан соога! Үңкүр толгон пулум бар, короо толгон коюм бар, өрүш толгон жылкым бар, жайыт толгон уюм бар, баарын сага берейин, кое бер!

Желмогуз кемпир эчтеке дебей туруп эле Элемандын сакалынан бир тутам жулуп алды. Мойнундагы жезкемпирчен хан ары мөңкүп чуркайт, бери мөңкүп чуркайт, жүрөгү азыр эле кабынан чыгып кетүүчүдөй туйлайт.

— Айланайын Желмогуз, көчүрүп келаткан келиндеримди ал, ага кошуп сегиз уулумду ал, жанымды эле тим кой!

Кемпир буттары менен күчтөп Элеманды улам-улам муунтат. Бир мезгилде шарт эткизе Элемандын муруттарынан да бир тутам жулуп алды. Анан жылан сыңар анын кулагынын түбүнө ышкырды:

— Сен өлгөндө баары мага калат. Кымбатыраак дагы эмнең бар, айтпай жашырган дагы эмнең бар, тез айт, болбосо башыңды жулуп алам!

Элеман ач аюудай чаңырып алды да:

— Тогуз уулумдун кенжеси, бир кудайдын пендеси, Төштүгүмдү берейин, — деп онтолоду.

Желмогуз кемпир кысканын асталатты эле, Элеман жерге кулап түштү. Жезкемпир:

— Кана абышка, сен Төштүгүңдү мага кантип берээриңди айтып ант берчи! Кана, колуңду бери сун!

Кемпир сунулган колду жез тырмактары менен кычырата бек кысканда, кан атып-атып кетти. Алы кеткен, ар жеринен каны кеткен хан убадасын араң бергенге жарады.

# Эр Төштүк менен Кенжеке

Добулбастар тарса-түрсө кагылып, сурнай-кернейдин үндөрү созолонду. Ошентип, Элемандын кербени шаарга жакындап келди, аларды көргөн элдин баары дүрбөп, тышка агып чыгышты. Бир мезгилде көп элдин ичинен бир атчан бөлүнүп чыкты да, аларды көздөй учкан жебедей сызып жөнөдү. Бул аларды күтүп атып чарчаган Төштүк, күн сайын түшүндө Бекторуну көргөн Төштүк болучу. Ал ушул күндү канчадан бери чыдамсыздык менен самабады эле.

Төштүк улам жакындап келаткан көчтү утурлап келет, кооз кийинген, колдоруна, моюндарына жаркылдаган алтын-күмүш тагынган колуктуларына сыймык менен көз арткан агалары келатат. Күтүрөтүп малды айдаган койчулар келатат. Баарына баш-көз болгон атасы да мына, Элеман Төштүктү көрөөрү менен ага шашылды. Экөө кучакташып калышты.

— Ата, Бектору кана? — деди Төштүк убай-чубай өтүп жаткан элдин ичинен дагы эле колуктусун издеп.

— Уулум, кайрадан эл-журтумду аман-эсен көргөнүмө кандай бактылуумун! Кудай оң жолумдан айтып, тогуз кыздуу кишиге жолуктурбадыбы!

Эр Төштүк атасынын сөзүн уккан жок. Ал ай десе айдай, күн десе күндөй сулууну көрүп турду, мына ушундан баштап ал дүйнөдөгү кереметтин баарын унутту. Кымча белдүү, апакай өңдүү бул кыз өзүнүн коймолжуган көздөрүн көтөрүп, Эр Төштүктү карады. Сүйүүдөн мас болгон Төштүк, көптө барып өзүнө келди да, Кенжекеден көздөрүн албай:

— Мунуңуз ким, ата? — деп сураганга араң жарады.

— Сенин колуктуң! - деди атасы жетине албай карсылдап күлүп.

Улуу той жети күн, жети түн катары менен өттү. Жалындары көк бетин аймалаган тогуз от жети түн бою алоолоп күйүп турду. Кандай той болгонун, тамак-аш тоо болгонун, ичимдик көл болгонун, канчалык эл болгонун кыпчактар ушул күнгө чейин түгөнбөгөн аңыз кеп кылып, айтып келишет.

Эр Төштүк менен Кенжеке да эгиз козудай ээрчишип, жанаша өскөн эки талдай кыналышып, көкөлөп учкан кош турнадай үн алышып баштарынан жети бактылуу күндү өткөрүштү.

Сегизинчи күн болот дегенде Элеман Төштүктү өзүнө чакырып:

— Карып калдым, мурдагымдай болбой арып калдым, унутчаак

болуп калдым. Биздин көч токтоп өргүгөн Чолок-Терекке өгөөмдү унутуп келе берипмин. Ансыз жашоом жок, ошону таап келип бер, Төштүк, — дейт.

Баатырдын жолго даярданып жатканын көргөн Кенжеке сары убайым санаага батты да:

— Айтканым азыр билип ал, анташкан төрөм тилимди ал! Айбан басып, куш учпас, жерге кетип барасың! Адам каттап, журт укпас, элге кетип барасың! Адам түшсө чыккысыз, орго кетип барасың! Чалынсаң кайра кутулбас, торго кетип барасың! Барсаң, кайра келбейсиң, базар үйүн көрбөйсүң. Кетсең кайра келбейсиң, Кенжекеңди көрбөйсүң! Катын тону дебесең, Чайингини кийиңиз! Катын аты дебесең, Чалкуйрукту миниңиз! Ал жөн ат эмес, ал сени ажалдан коргойт, кырсыктан коргойт, сага жолдош болуучу, дүйнөдө мындай ат болбойт, - деп чырылдайт.

Кенжеке Эр Төштүккө кыл торко Чайингисин кийгизет, колуна алтын саптуу Наркескен кылычын карматат. Алмаз миздүү кылычты бир миң уста кураган, шилтегенде бир ирет, төөнү кескен буладай.

Ажырашуу канчалык оор болсо дагы Кенжеке шолоктоп ыйлап, көзүнүн жашын төккөн жок. Баатырды күтөөрүн, бала төрөлсө бапестеп багаарын айтып, коштошоорунда:

— Чаар инген менен Кенжеке, кара бээ үчөөбүз сени күтүп жүрөөрбүз. Сапарыңдан келсеңиз, аман бизди көрсөңүз, анан кийин төрөөрбүз! — деп ант берип узатып калды дейт.

Төштүк колуктусун бек кучактап өптү да, Чалкуйрукка минип, жолго чыкты.


# Желмогуз менен кармашуу

Эр Төштүк тоого кадуулап чыгып келди, караса тегерегинин баары аска-зоо, төбөсүндө көк асман, алдында учу-кыйры көрүнбөгөн ач талаа керилип жатат. Төштүк жаратылышка суктанып бир аз турганда эле астындагы Чалкуйрук адамчасынан сүйлөп ийди:

— Эрдигиң бар, эсиң жок, Төштүк! Эчтеме менен ишиң жок, Төштүк! Айлаң жаман, акыл жок, Төштүк! Адамда сендей баатыр жок, Төштүк! Айбан да болсом мен жолдош, айтканым ушул, угуп ал, Төштүк! Чолок-Теректеги очоктун түбүндө сени Желмогуз кемпир күтүп отурат. Ал кайтарып отурган өгөөгө сенин жаның катылган. Жезкемпирди сага Бектору пери жиберген. Желмогуз сени Бекторуга өлүү же тирүү алып барышы керек. Өгөөнү андан оңой менен ала албайсың. Бирок мен аны кантип алышты саа үйрөтөм. Кара жаак булдурсун, кармай калып имергин, Төштүк, катуу тартып жибергин, Төштүк! Каргыш тийгис кара сан, катыра камчы чаба көр, Төштүк! Койдой этим бөлүнсүн, Төштүк! Коендой жонум түзөлсүн, Төштүк! Тайдай этим бөлүнсүн, Төштүк! Тайгандай жонум түзөлсүн, Төштүк! Араандай оозум ачылсын, Төштүк! Булуттуу көктүн астынан, буралган шибер үстүнөн, бурулбай алып учам да, ачып-көздү жумганча, андай-мындай дегиче, кемпирге алып барайын. Ал жерден очоктун жанында отурган мастен Желмогуз кемпирди көрөсүң. Учураш да, өгөөнү сура. Ал: "Турсам, отура албайм, отурсам тура албайм. Белим бекчейген балам, Көзүм чекчейген балам! Өзүң келип алып ал!" — дейт. Сен анда мындай де: "Түшсөм мине албайм, минсем жерге түшө албайм. Тигине Көкмончок, Акмончок кыздарың келатат, ошолорду алып берип кой де". Желмогуз кемпир: "Аапий, эси жок туулган эки кыз, эл кыдырып келдиби, эр кыдырып келдиби?" — деп артын караар замат сен кемпирдин колундагы өгөөнү жула кач, атыңдын мойнун бура кач. Калганына Кудайым өзү эгедер болот.

Төштүк Чалкуйрукту буурусун камчы менен такымга басып-басып алганда, атка канат бүттү да, баатырды асмандатып кемпирди карай алып жөнөдү.

Баары дал ошол Чалкуйрук айткандай болду. Жан алгычтай кемпирди көргөндө гана Төштүк кичине коркуп кетти. Жонундагы балтасын оңдоп, Наркескенин бекемдеп кармап, Чалкуйруктун оозун баатыр Желмогуз кемпирди көздөй бурду. Кемпир кыздары жөнүндө угуп бурула калганда канат бүткөн тулпар чөптөн жапыс болуп анын жанынан закымдай өттү. Кыраан куштай ыктуу баатыр кемпирдин карган колдорунан өгөөнү бир заматта илип кетти. Чалкуйрук көк



түтүн болуп көзгө илешпей жок болду. Ошондо кемпир сокусун минип соксоктоп, сокбилек менен сокусун, камчылана токмоктоп, Төштүктүн артынан түштү. Кемпир келет күүлөнүп, Эр Төштүккө сүйлөнүп: "Төгөректүн төрт бурчун, төрт айлана куубасам, кемпир болбой өлөйүн! Ор, ийрегим, оргун деп. Оручу болсоң ийрегим, Элемандын Төштүгүн, аты менен соргун деп. Ал ийрегим, алгын деп. Элемандын Төштүгүн, эки бөлүп салгын деп". Сыйкырдуу ийрек баатырдын артынан сая кууп, көктөгү булуттарды удургутат, тоолорду кумдай кулатат. Чалкуйрук,

Төштүк чыдабай, түлкү шимшип жойлобос, жерге сала качышты, күндүз алам адашаар, белге сала качышты. Желмогуз кемпир да жете албай кубалаганы кубалаган. Ал экөөнүн ортосу, бута бою калганы. Мына ошондо бул кемпир, амалы катуу артты эми, жер танабын тартты эми. Колундагы ийректи, ондоп колго алды эми. "Бөлүнгүрдүн кара жер, бөлүнө берип өткүн деп. Жарылгырдын кара жер, жарылып жатып калгын!" — деп сокбилеги менен жерди бир урупалды эле, жер оодарылып ачылып калды. Ийрегин ыргытканда тулпардын шилисине барып тийди да, асмандап учкан канаттуу ат жердин жаракасына учуп түштү. Ошентип Эр Төштүк ат-маты менен жер алдына куркурап кирип кетишти.

## Жер алдында

Эр Төштүк жарыкчылыктын кенедей шоораты жок түпсүз көргө кемпирдин артынан куркурап кирип кетип баратты. Чалкуйруктун мойнуна сайылып калган жезкемпирдин ийрегин таап ала коюп, сууруп алганда гана тулпар эсине келип канаттарын жазды да, жерге акырын келип конуп калды. Тегерек көзгө сайса көрүнгүс. Ушундай караңгылыкта Чалкуйрук туягы менен жол тандап акырын алдыга жылат. Көп өтпөй көрдөй болгон түн артка чегинди да, алар бозоруп уюган туманга келип киришти. Анысы ал болду дегиче, ачып көздү жумганча ал боз туман отко айланды да, тегерек дүрт этип алоо-кызыл жалынга айланды. Соо жер калган жок көрүндү, асман дагы, жер дагы чатырап күйүп жаткандай. Баатырдын көздөрү жалындап күйгөн оттон көрбөй, ачуу түтүндөн деми кыстыгып, үстүндөгү кийми азыр эле жалбырттап күйүп кетүүчүдөй. Чалкуйрук жерге тийип-тийбей, канатын катуу күүлөй Эр Төштүктү алып-учуп жөнөдү. Көрсө, Кенжеке Чалкуйрукту бекер жерден минип кет дебептир да, ошентип жомокто жок тулпар баатырды керилген талаага алып чыкты, көөдөй кара түн менен жалбырттап күйгөн жалын тээ артта калды. Алыста-алыста жаткан адырлар чөккөн төөлөргө окшоп кетет. Эр Төштүк эсин жыйгыча болбой, өзүн көздөй чуркап келаткан эки дөөнү көзү чалды.

Алардын түрү жүрөк түшүрөөрлүктөй эле. Эки дөөнүн тең салпандаган кулактары канат сымал калдалактап, алар чуркаган сайын жер чийип турат, маңдайындагы жалгыз көздөрү өчүп-жанып күйүп турат, азуулары шакылыктап бир-бирине тийип турат. Алптар жер чапчып, дөбөдөй-дөбөдөй болгон жерлерди Эр Төштүккө ыргыта башташты. Чалкуйрук ары качып, бери качып араң кутулуунун амалын кылат.

— Эй, токтогула! — деп кыйкырды Төштүк. — Менин силерге жамандыгым жок! Деги өзүңөр ким болосуңар?

— Мен Күнкулакмын, а бул менин бир тууганым Айкулак. Бул жерге сураксыз келгендин баарын өлтүрөбүз, — деп алптардын бирөө ач айкырып, Төштүккө жулунуп калды.

Эр Төштүк болду-болбоду мерчеми ушул жер деп балтасын түздөп туруп Күнкулактын көзүнө ыргытты эле, ал түбүнөн кыйылган терекке окшоп сулап түштү. Анан Наркескен кылыч жарк этти да, Айкулактын башы тал-бадалды уйпалап, алп ийнинен кулап түштү.

Мурда көрүп-билбеген дүйнө Эр Төштүктү кастык менен тосуп алды. Баатыр тегерек—тарабын бир айланып карап алды эле өзүн курчаган жарык бир туруп закым өңдөнүп кетет, үстүндөгү көк асман саргыч боек түстөнөт, учуп-конгон канаттуу, каркылдаган карга жок, куркулдаган кузгун жок. Араң бошонуп чыккан от-жалындан оолак бололучу дегендей Эр Төштүк атынын оозун көрүнүп турган адырларды көздөй бурду.

Андан-мындан жортуп келген шамал гана бозала чанды жерден көтөргөнү болбосо бул өлүк талаада тирүүлүктүн эч белгиси жок өңдүү. Бир кезде Эр Төштүк чукул жердеги боз дөбөдөн бир нерсени көзү чалып, мунарыктын ар жагында, бозоргондун бер жагында эрбең-сербең этип шумдуктуудай бир бий бийлеп жаткан немени таңыркай карап туруп калды. Ал тикилдеген сөзү бар, тик караган көзү бар, жан казандай башы бар, кылдай ичке мойну бар неме болуп чыкты. Анын ичке, арык колдору-буттары тынч алып жөн тура албаган, анталаңдап бул өзү, өөдө-төмөн жүгүрүп чуркаган неме экен. Мойнуна илип койгон тегирмендин ташы болбосо камгактай учуп алда-кайда жоголуп кетүүчүдөй түрү бар.


Баатыр жакындап келип, анын бир буту менен аскада байлануу турганын көрдү. Ары-бери секирип ойноктогону менен өңүндө өкүнүчтүн түрү бардай. Алптар менен кармашып, Айкулак менен Күнкулак, азыр эле арбашып келаткан Төштүк алыстан каардуу үн чыгарды:

— Өөдө-төмөн жээлигип, өпкөң көпкөн сен кимсиң? Душмансыңбы, элсиңби? Жиндисиңби, жөнсүңбү? Ыргып кетет башыңыз, түгөнүп кетет жашыңыз, айтканды анык угуңуз! Эзелде чыкпайт сиздей жан, чыныңды айтып туруңуз!

— Желгениме жел жетпейт, басканыма мал жетпейт. Куланды кууса куткарбас, жейрен качса секиртпес, Жейрен Маамыт мен болом! Күнкулак менен Айкулак, өзүңдөн ажал тапкан соң, эми башкаларга тең болом. Мени ал экөөнө Көкдөө чабарман кылып койгон, кутула албай көп жүрдүм алардан ошол бойдон, эми минтип эркинмин!

— Менин атым Эр Төштүк! Кайда келгенимди, Көкдөөнүн ким экенин мага айтып берчи, Маамыт?

Элеңдеп эки жагын карап, көзүн баатырга кадап, корко турган



эчтекеси жок экенин сезген Жейрен Маамыт мындай деп сөз баштады:

— Эч кимден жеңилип көрбөгөн, эңише келсе эңилип көрбөгөн Эр Төштүк баатыр! Сен азыр жер астындагы өлкөдө турасың. Бул өлкөнү, — Жейрен Маамыт дагы эки жагын кооптоно карады, — Көкдөө башкарат. Мурда Көкдөө менен Урумкан экөөнүн падышалыгы болчу. Мен өзүмдүн падышамды, анын чүрөктөй кызы Акченемди чексиз сүйөөр элем. Күндөрдүн бир күнүндө Көкдөө Урумканды катуу алдап кетти, азыр анын каякта, кандай тагдырда экенин да билбейм. Көкдөөгө жар болуудан баш тарткан Акченемди болсо ташка айлантып салды. Ошентип Урумкандын эли бүт бойдон каргыш тийгир Көкдөөнүн кулдары болуп калдык.

Буларды айтып жаткан Маамыттын тоголок жүзүнөн жашы салаалап агып турду. Ал учуп кетүүчүдөй болуп улам-улам секиргени менен бутунда бек байланган жиптин кое берээр түрү жок. Төштүк жипти Наркескен менен шарт кесип таштап, мойнунда байланган тегирмендин зыл ташын талкаламакчы болуп калганда Маамыт узун колдорун шилтегилеп коркуп кетти:

— Кокуй Төштүк, тие көрбө! Мен бул ташы жок камгактан да жеңил болуп, дегеле көз көрбөгөн, кулак укпаган жактарга учуп кетпейминби. Андан көрөк чогуу жүрсүн десең, ар бутума бирден таш байлап кой!

— Мейли, сен айткандай болсун! Андан көрөк жер үстүнө чыга турган жол барбы, мына ушуну айт, Маамыт! Мен жер үстүндө жашаган тирүү жанмын да, — деп Төштүк улутунуп алды. Жаш колуктусу Кенжекеден, үй-жайынан канчалык алыс кеткени бир өзүнө гана белгилүү.

— Кээ бирөөлөр гана адамдар дүйнөсүндө болуп келишкен. Анын үстүнө бир да тирүү жан бизге келе албайт. Муну Эр Төштүк, сен гана жасадың. Демек сен чын эле чендe жок баатырсың, Көкдөөнү жеңиш бир гана сенин колуңдан келет. Ошондуктан сен бизди Көкдөөдөн куткарып ал, эгер сен Көкдөөнү женсең жер үстүнө чыгыштын жолун да билесиң. Көкдөө адамдар дүйнөсүндө көп болот, — деп Маамыт сырдуу жылмайып койду.

Артка жол жок, Эр Төштүк ойлонуп калды. Чалкуйрук эмне кылса да жерди көзөп чыгып кете алмак эмес. Кантип чыгыштын сырын бир гана Көкдөө билет.

— Айтканыңа макулмун Маамыт, мени эми Көкдөөгө алып бар! Өлүм орток, жан бирге, кел эмесе, Маамытым, мураа болгун өзүмө. Асмандагы жылдыздай козголуша калалык. Кол кармашып экөөбүз, дос болуша калалык. Өлсөк бирге өлөлү, жети күндүк дүйнөнүн, кызыгын бирге көрөлү!

Маамыт чуркап жөнөгөндө, анын артынан Чалкуйрук араң дегенде

үлгүрүп баратты. Аздан соң көлгө жетишти да, токойдо өргүмөй болушту. Жамбаштап эс алып жаткан Төштүк бактын ылдыйкы бутагына конгон эки сагызгандын шакылыкташып сүйлөшүп жатканын укту. Аңгыча болбой бир адамдын акырын жетип, алардын куйругундагы канаттарын билдирбей бирден жула баштаганын көрдү. Шамдагайлык менен бирөөнөн жулуп алат, бирөөнө сайып коет, анысын сагызгандардын байкаар да түрү жок.

Төштүк өмүрүндө мындай таң калган эместир.

— Ой, сен кимсиң? — деп сурады андан.

— Эпчил ууру Маамыт деген мен болом. Канаттуунун сагы сагызган болот, мына ошолор менен ойноп, көнүгүп атам.

— Биз Төштүк болуп Көкдөө менен согушканы баратабыз, бизге кошуласыңбы? — деди Жейрен Маамыт Эпчил Маамытка.

Эпчил Маамыт ышкырып коюп, кежигесин кашылап турду да, көптө барып:

— Ойго келбес, түшкө кирбес ишти баштапсыңар. Мунуңар мага да жагып турат, мен силер менен барам, — деди.

Ошентип, үчөө ээрчишип келе жатышса алдыда дагы бирөө келатат. Кулактары иттикиндей болуп ар кайда тикийген неме бирде оң кулагы менен, бирде сол кулагы менен жерге жата калып, бирдемени тыңшап калат. Бир кезде ал да Төштүктөрдү көрө коюп, утурлай басып жөнөдү.

— Силердин сүйлөшкөнүңөрдүн баарын уктум, Көкдөө менен согушканы баратасыңар. Мен да Урумканды, Акченемди бошотуп алышты каалайм. Мен Жер тыңшаар Маамытмын, бир күндүк жол аралыгындагыны уга алам. Мени да өзүңөргө кошуп алгыла, силерге жардамым болбосо, зыяным тийбейт.

Кучакташып болгуча алар да бирөөнүн шашып келатканын көрүштү.

— Мен көзгө атар мерген Көрөгөч көз Маамыт деген боломун. Биздин дүйнөгө Эр Төштүктүн кантип түшкөнүн көрдүм. Мен дагы бир күнчөлүк жолдогунун баарын көрөм. Мени да өзүңөргө кошуп алгыла, Көкдөө Урумканды женген күндөн баштап токойлордо жашынып жүрөм. Баарыбыз чогулсак гана ага каршы тура алабыз.

Ошентип достор өлөөр-өлгүчө кан дос болууга анттaшып, ар кимиси Төштүккө Көкдөө жөнүндө, анын таш боорлугу, айла-амалы, күч-кубаты жөнүндө билгендеринин баарын төкпөй-чачпай айтып беришти. Жер астындагы дүйнөдөгүлөрдүн баары Көкдөөдөн катуу коркушчу, өзүнүн сүйгөн Акченемин куткарып, Көкдөөнү өлтүргүсү келген ченемсиз баатыр Конокбай туурасында шыбырашып сүйлөшүп калышаар эле. Конокбайдай баатыр менен теңдеше турган киши жок эле, эми Конокбай болсо таш болуп катып калган Акченемдин жанында дарак болуп өсүп турат!

Эр Төштүктүн достору өлүшсө да өз өлкөсүн Көкдөөнүн бийлигинен куткарып алууну көксөп турушат, аларга жардамды берсе Төштүк гана бере алмак.

Төштүк не кылаарын билбей турду. Көз алдына Желмогуз кемпир менен болгон кармашы тартылды, ошондо Чалкуйрук экөөнү өлүмдөн керемет күч гана сактап калбады беле. Эсине Кенжеке түштү, ал да Төштүктү узатып жатып аны түшкө киргис сыноолордун күтүп жатканын билген экен да. Кенжеке баатырдын аман-эсен кайтып келээрин билип, чыдамсыздана күтүп жаткан. Төштүккө ушулардын баары дем берди, ал кандай болгон күндө да жер үстүн көздөй кетчү жолду табаарына ишенди.

## Жаңы достор

Эр Төштүк жер астына улам тереңдеп кете берди. Канча мезгил өтсө да кеч кире турган эмес. Айлана-тегеректи мурдагысындай эле закымдаган саргыч жарык каптап турду. Кеч качан кирээрин сураган баатырды жолдоштору таң кала караштты. Көрсө, жер астында кеч деген болбойт экен, ал эми күндүн кайсыл убак болгонун мезгилди сактоочулар кум сааттары менен ченеп турушат экен.

Жер астындагы жарыкка карабай Төштүк эс алганы кыңтайды. Анын жаңы достору чоң асканын түбүндөгү бөлөк-бөтөн көздөрдөн далдоо жерге чатыр тигишип, өргүмөк болушту. Бул дүйнөдө Көкдөөнүн да Желмогуз кемпирге окшогон жаны бирге көрөөр көздөрү, угар кулактары арбын эле. Төштүк уктагыча бала кыял, баео Маамыттардын ойногонун карап, өзүнчө күлүп жатты. Алар ары-бери так секирип, кийик көрсө артынан калбай сая түшүп ойдон ойго, кырдан кырга кууп, өздөрүнчө эле жаш баладай жыргалга батып жүрүштү. Төштүк эч нерседен чочулаган жок, бирдеме болсо Көрөгөч көз Маамыт менен Жер тыңшаар Маамыт дароо кабар айтмак. Ушинтип жатып анын көзү илинип кетти.

Бир кезде Төштүк чуру-чуудан улам ойгонсо, каяктандыр кайсы-бир жандыктын кыңшылаганы угулгансыйт. Баатыр көп түшүнө бербей досторун карады эле, Жер тыңшаар Маамыт аюу орго түшүп калган баласын чыгара албай өкүрүп жатканын түшүндүрдү. Төштүк дароо эле ордунан атып туруп, жардамга шашылды да, терең орго түшүп барып мамалакты алып чыкты. Аюу ал-жаны калбай:

— Өлгөн жанды тиргизген, өчкөн отту тамызган Төштүк, сага өмүр өткөнчө ыраазымын! Жүнүмдөн жулуп ал да, керек болсом күйгүзүп кой, ошол замат эле жетип келем! — деп жалынып калды.



Андан ары жол жүрүп баратышып, достор дагы бир окуянын күбөсү болушту. Марал-бугу кууп жүрүп, илбирстин баласы түбү терең жарга түшүп кетип, буту кыпчылып, жараланып, арып-ачып, кыңылдап араң эле үн чыгарып калыптыр. Маамыттар колдорун кармашып Жейрен секиртпести жарга түшүрүштү да, ал илбирстин баласын кармап, алардын баарын Төштүк дароо эле өйдө жакка сууруп чыкты. Аңгыча баласынын коркуп кыңылдаган үнүн уккан, жүнү жылтылдаган илбирс жетип келди да, Төштүккө ыраазычылыгын билдирип, ал дагы мурутунан жулуп берди.

Алар андан ары ашуунун белине чыга берип алдыда керилип жаткан өрөөндү, анын бир четиндеги чоң шаарды көрүштү. Шаардын заңгыраган сарайлары, зобологон күзөт мунаралары алыстан эле көзгө көрүнөт. Төштүк сактык менен эки жагын карады, жүрөгү бирдемени сезгенсип турат. Чалкуйрукта үн жок, жада калса эртеден бери бака-шака түшүп келаткан Маамыттар да Көкдөөнү эстеп, тынчып калышты.

Алар дагы ылдыйлап келишип, күйүп жаткан шалбаага кез болушту. Жер тыңшаар Маамыт өрттүн чок ортосун көрсөтүп, кыйкырып жиберди:

— Кумурсканын уюгу экен! Жардам сурап, кыйкырган үндөрдү угуп жатам.

Кудай жалгап, жакын эле жерде агып жаткан булак бар экен. Ана-мына дегиче, ачып көздү жумганча Төштүк Чалкуйруктун тердигин сыйрып алды, ага кошуп тугурукталган кийизди досторуна бере салды да, анталандап суу ташый башташты. Эмнеси болсо да өрттү баарылап атып араң өчүрүштү.

Бир кезде чарчап-чаалыккан, тердеп-тепчиген булардын тегерегине ого эле көп кумурскалар чогулуп калышты. Дөбөчөгө сары көздүү, канаттары узун, анан муруту бар эң чоң кумурска чыгып келди да:

— Силерге аябай ыраазыбыз, достор. Силер кумурсканын элин оттон сактап калдыңар. Бизди кичинесинтпегиле, керек учурда жардамыбыз тийет. Бир бутумду жулуп берейин Эр Төштүк, өзүң менен кошо ала жүр, керек болгондо түтөтө койсоң кай жерде болбойлук жетип келебиз, — деди.

— Ырахмат сага, кумурскалардын падышасы! Ушунчалык досторум болуп туруп, кантип кырсыкка кабылайын, — деди Төштүк алардын сый мамилесине жетине албай.

Төштүктөр шаарга жакындап келишти. Достор бак-дарактарга жашынышып, эми мындан ары эмне кылуу керектигин ойлоп жатышты. Ар кимиси Төштүктүн шаарга кантип кириши тууралуу ойлорун айткандары менен Көкдөөнүн желдеттери аны дароо эле таанып, кармап алышаарын түшүнүп турушту. Эр Төштүктүн келе жатканын Көкдөө эчак эле укса керек.

— Мени уккулачы! — деди буга чейин сөзгө кошулбаган Жер тыңшаар Маамыт. Ал жерге кулагын төшөп, алыстагы сүйлөнгөн сөздөрдү кунт коюп тыңшай баштады.

— Бул жерден көп деле алыс эмес жерде Көкдөөнүн сыйкырлуу уйларын Таз деген таз уйчу кайтарат экен, — деди Жер тыңшаар Маамыт. — Ал уйларды күн сайын дайранын аркы өйүзүнө жайып келет экен. Дайра терең экен, уйчу алегенде сыңар мүйүз уйду алдыга салат экен. Ал уй сууну куйругу менен чапканда суу тартылып, уйлар бут өтүп кетет экен. Сарайга уйлар жеткенде Таз аларга: „Байлангыр уюм, байлан", анан „Саалгыр уюм, саал" десе уйлар өздөрү эле байланып, өздөрү эле саалып калат экен. Менин оюмча Эр Төштүк мына ошол Таздын кейпин кийсе гана ошол Көкдөөнүн сарайына кире алат.

Жер тыңшаар Маамыттын сунушу баарына жагып калды. Эр Төштүктүн достору шаарга эч кимди шекшинтпей, оңой эле кире алышмак, Чалкуйрук болсо киши карабаган чобур атка айланмак болду.

Көкдөөнүн уйчусу шалбаада конурук тартып уктап жаткан. Оттоп жаткан уйлардын үстүндө үймөлөктөгөн сайгак менен чымын-чиркейдин көптүгү тим эле жерге түшкөн тумандай. Таз жалгыз көзүн ачкыча Маамыттар аны буйдамга келтирбей баса калышты да, токойго сүйрөп жөнөштү. Сары уйлар жерден баштарын таңдана көтөрүшүп, бакырайган кайгылуу көздөрү менен Тазды узатып кала беришти.

Эр Төштүк Таздын айрык-уйрук кийимдерин кийди, Маамыттар анын башына букачардын ширисин кийгизишти. Баатыр сол көзүн чүпөрөк менен байлаган соң жалгыз көздүү таз уйчунун өзү болуп чыга келди. Бул кезде чыныгы Таз аюунун үңкүрүндө кайтарыкта болчу. Достор акыркы согуш кеңешине чогулушту. Көрөгөч көз Маамыт шаардагы кишинин көптүгүн, жер алдындагы өлкөнүн эли бүтүндөй шаарга самсып келип жатышкандарын кабарлады. Жер тыңшаар Маамыт Көкдөө жер үстүнөн уурдап келген Куйтукүндөн балалуу болуп, ошого чоң той өткөрүп жатканын айтты.

Ошентип, Эр Төштүк менен Маамыттар бир бирине ийгилик тилешти да, ар кайда бөлүнүштү.

# Көкдөө

Киши таанылгыстай болуп өзгөргөн Эр Төштүк чобур атты улам-улам камчыланып токойдон ачыкка чыкты. Өздөрүнүн көнгөн уйчусун көргөн уйлар баштарын жерден көтөрбөй оттой беришти. Бетегеде тынч жайылып жүргөн мал Төштүктүн ичин уйгу-туйгу кылып, эсине алыстагы кыргыз жери түштү. Жер үстүнө азыр эле атып чыгып, үйүнө чаап баргысы келди! Ал келинчеги менен болгону жети эле бактылуу күн жашады. Чүрөктөй сулуу Кенжекенин элеси аны муздак суу сепкендей эсине келтирди. Жер үстүндө аны колуктусу чыдамсыздык менен күтүп жаткан. „Көкдөөнү жеңип, жер үстүнө чыгам!“ — деди Эр Төштүк тиштене.

Уйларды жыйнап, Төштүк аларды дайраны карай айдап жөнөдү. Шашканынан ал уйларды аркы өйүзгө кантип өткөрүүнү унутуп коюп, „Эй, чүрөктөр, үйгө жөнөгүлө!“ дээри менен уйчунун башка экенин сезген сасык мурундар, жээкте сайгак тийген немелердей чакчалакей, чаң тополоң түшүп жатып калышты. Эмне кылаарын билбей калган Төштүк аларды бирден кармап аркы өйүзгө ыргыта баштады. Жүрөктөрү түшүп калган уйлар ого бетер катуу мөөрөшүп, жин тийгенде жолундагылардын баарын талкалаган зор пилдерди эске салды. Чалкуйрук Төштүккө сыңар мүйүз уйду табуу керектигин айта берип чарчап бүттү.

Бир кезде:

— Ой, Таз, сага эмне жин тийгенби? Же уй кайтарганды унутуп койгонсуңбу? — деген катуу үн жаңырды.

Эр Төштүк бурулуп, аркы өйүздө турган Көкдөөнү көрдү. Чын эле дайранын аркы жээгинде опол тоодой эпсиз чоң Көкдөөнүн өзү турган, Төштүк өзүн анын алдында жолборстун алдында турган улактай сезди. Жер астындагы дүйнөнүн падышасынын мингени калдайган кара ат эле. Көкдөөнүн колуна алган камчысынын чоңдугу теректей, куруна кыны жок кылыч кыстарып койгон. Дөөнүн заардуу көздөрү атып ийүүчүдөй Төштүктүн денесин көзөп өтөт.

Эр Төштүк корккондуна эми араң Маамыт айтканды эстеди. Бактыга жараша Чалкуйрук сыңар мүйүз уйду көрө коюп, баатырдын алдына айдап жетип келди. Төштүк анын мүйүзүнөн алды да, суугa сүйрөп жөнөдү. Ал түшүнө койгонсуп сууну куйругу менен бир чапканда суу тартыла түштү да, уйлардын баары кечүү менен суудан өтүшүп сарайга чубап жөнөштү. Эр Төштүк да көзүнүн кыйыгы менен Көкдөөнү карап коюп, алардын артынан түштү. Кудай берсе, баары тең билинбей калгансыды. Кичине тынч алган Көкдөө да жан-жөкөрлөрүн ээрчитип

өзүнүн хан сарайын көздөй бет алды. Алардын бар экенин Көкдөөнүн үрөй учурган түрүнөн жүрөгү түшкөн Төштүк байкабай да калыптыр.

Шаардын ичи тим эле аарынын уюгундай. Дөөлөр, алптар, перилер бири да калбай Көкдөөнүн тоюна келишкен. Эр Төштүк сарайдын кире беришинде таш болуп катып калган Акченемди, анын жанындагы бутактары салбырап жер чийип, тал болуп өсүп турган Конокбайды көрдү.

Уйларды корооо киргизип, „саалгыла" деп коюп, Төштүк сарай турган аянтка чыкты. Ар тараптан келген коноктор эбак эле аянттын чок ортосундагы, каардуу Көкдөө мыкчыйып олтурган эбегейсиз чоң такты тегеректеп туруп калышыптыр. Төштүк анын жанындагы орой-бешенеси суук, азыр эле жеп жиберчүдөй болуп ар кимдин жүзүнө тикирейип-тигилген Желмогуз кемпирди көрдү. Баатыр элдин ичиндеги өзүнүн досторун — Жейрен секиртпес Маамытты, Жер тыңшаар Маамытты, Эпчил ууру Маамытты, Көрөгөч көз Маамытты да көрдү. Баардыгы тең чыдамсыздык менен тойдун башталышын күтүп жатышты.

Бир кезде алдыга жалгыз көздүү алп чыкты да:

— Биздин Караңгы дүйнөбүздүн кожоюну, эч кимден жеңилбес Көкдөөгө даңк! Падышабыздын өмүрү узак болсун! Бүгүн анын учун улай турган, чекесинен сылай турган уулу Чоюнкулакка арналган мелдештер өткөрүлүп жатат. Ким жеңсе ал кожоюндан каалаганын сурай алат. Улуу-урматтуу Көкдөө сурагандын баарын аткарат, анын колунан келбей турган эч нерсе жок! — деп күрүлдөп кое берди.

Сүйүнүчтөн кыйкырган үндөр жаңырды.

Адегенде мелдешке жаачылар чыгышты. Алар атып түшүрө турган жамбыны көрүнбөй калгыча улам арылата беришти. Акырында ошончо элдин ичинен жебелери каяктан болсо да бутага дал тийген Көрөгөч көз Маамыт гана жалгыз калды.

Анан жөө күлүктөрдүн мелдеши башталды. Чуркагандарга кошулган Жейрен секиртпес Маамыт Желмогуз кемпирдин көз байлаганына карабай эч кимди алдына чыгарган жок. Башында Маамыт дарактын түбүнө жатып уктап калды, аны баары кууп өтүштү. Жер тыңшаар Маамыт кулагын жерге төшөп: „Досубуздун дайны жок го", - деп ыйлаактап ийди. Көрөгөч көз Маамыт карай салса алардын күлүгү дарактын түбүндө жыргап уктап жатат. Маамыт жаасын мээлеп туруп тартып ийди эле жебе бутактын бирин кесип түшүп, Жейрен секиртпес ойгонуп кетти да, тура калып чуркап жөнөдү. Бат эле баарынан ашып, Желмогуз кемпирдин кыжырына тийип, биринчи болуп чыгып келди.

Ошондон кийин Көкдөө ат чабыш башталаарын жарыя кылды. Элдин баарынын боорун эзип, Төштүк бутунда араң эле турган, даакысы

түшүп кабыргалары саналган Чалкуйрукту минип ортого чыкты. Башы жыдып түшкөн бул Тазга Көкдөөнүн алып-учкан тулпарлары менен жарышканды ким коюптур. Бирок, шаардан чыгаары менен Чалкуйрук мурдагы өз кейпине келди да, талаа-түздү карабай канаттуу куштай учуп жөнөдү. Марага жетээрде кайра эле баягы чобурга айланып калды. Элдин баарынын оозу ачылып, Төштүк биринчи болуп келди.

Өзүнүн кишилеринин утулуп калганына Көкдөөнүн жини жаман келди да, тактысынан өйдө туруп:

— Мелдеш токтотулсун! Жеңгендерге сыйлык, — деп Төштүктү, Маамыттарды карады. — Кана, айтчы Тазым, кааларың эмне?

Ичинен Төштүк кудайга жалынды да:

— Жер үстүндө көп кереметтер бар деп угам, улуу урматтуум! Көптөн бери бир көрүп келсем деп эңсеп жүрөм, ошол жолду көрсөтүп бер! — деди.

Көкдөө Төштүккө үндөбөй, Маамыттарды карады. Алар Таздын сураганын эле аткарсаңыз болду дешти эле Дөө Төштүккө бурулуп:

— Макул, Тазым! Бир гана шартым бар, эгер кийиз балта менен дөңгөчтү жара чапсаң сураган жолуңду көрсөтүп берем, — деди.

Жер тыңшаар Маамыт Төштүктүн кулагына:

— Эми эмне кылам деп капа болбо, Кенжекени эсте, Төштүк! Колумда кийиз балта эмес, Наркескен деп ойло да, алыңдын жетишинче катуу чап! — деп шыбырады.

Эр Төштүк ортого чыкты да, „колумда кийиз балта эмес, Наркескен“ деп туруп шилтеп калганда дөңгөч чамынды болуп майдаланып калды.

— Убада деген убада, Тазым! Өйдө жакка кантип чыгышты кулагыңа шыбырап айтып берейин.

Эмнегедир Эр Төштүк дароо эле Көкдөөнүн башын алып таштагысы келди, бирок Желмогуз кемпирге окшогон анын жан-жөкөрлөрүн да эстеп турду.

Көкдөө Таздын каалоосу ишке ашкыча той-тамашаны уланта берүүнү сурады.

Чалкуйрук:

— Жер тыңшаар Маамыт мага Көкдөө экөөңөрдүн эмне деп шыбырашканыңардын баарын айтып берди. Кайра жер астына кантип келем деп эмне үчүн сураган жоксуң баатыр? Эми Көкдөө сенин чыныгы Таз эместигиңди билип койду да. Ал сага, Маамыттарга ууланган тамак берүүнү буюрду. Андан коркпо, Эпчил ууру Маамыт тамактарды бат эле алмаштырып койду. Кармашка даяр тур, баатыр!

# Кайгыга чөккөн Куйту-күң

Опсуз чоң сааттан сызылып түшкөн кумдун үнү гана Көкдөөнүн сыйкырлуу багынын тынчтыгын бузат. Ошол кум саат турган ченде өскөн эки жапайы бактын ортосундагы жерден Эр Төштүктүн башы чыгып турат. Баатыр көздөрүн жуумп, Көкдөө менен болгон кармашты эстөөгө тырышты. Тамактарга кошулган уу дарыларды ичип алып биринин артынан бири жок болуп кеткен алптарды, жүрөк түшүрөөр жандарды көргөн Көкдөө алданып калганын билди. Ал ач айкырык менен Төштүккө жулунду. Чалкуйрукту минген Төштүк оңой менен ага кармата койгон жок, канаттуу тулпарынын оозун бери буруп, Көкдөөгө атырылып келди да, бир шилтем менен анын башын алып салды. Тегеректеги элдин, Төштүктүн досторунун кубанганын айтпа! Бирок, жеңиштин кубанычы көпкө деле созулган жок, алдыда достору менен ажырашуу, коштошуу турган. Бул аз мезгилдин ичинде Эр Төштүк өзүнүн күлкүлүү да, ишенимдүү да жаңы досторуна бат эле үйрала түшкөн. Эми аларды капаланткысы келбей, өзүнө жат бул жерден дароо эле кетип калууну чечти. Бул сыйкырдуу бакка шашып келгени да мына ошондон. Азыр өзүнө өзү Маамыттар менен жакшылап коштошпогону үчүн, ыраазычылык билдирбей кетип калганы үчүн ичи ачышып турду.

Баатыр бир кезде караңгыдан өзүн көздөй жылып келаткан бир нерсени сезди. Карай салса Көкдөөнүн өзү. Көкдөө аны шылдыңдай, түпсүз капкара көздөрү менен табалап карап турду да:

— Көкдөөнү жеңдим деп эртерээк кудундап турасың, Төштүк! Ушунча болуп Көкдөө эч кимге жеңилип көргөн эмес, анткени, мен өлбөйм. А сен болсо Эр Төштүк, эртелеп өзүнө өзүң көр каздың! Менин багымдан кеткен жол жер үстүнө эмес, жер астына алпараарын билип ал. Сен эми өлгөндөрдүн жаны гана жай тапчу, мындан да караңгы дүйнөгө түш келесиң. Төштүк, эми сен өлөсүң, андан кутула турган арга жок! Кош, Төштүк баатыр!

Кетип баратып Көкдөө артына кайрылды да:

— Досторуңдун баары колго түштү! Алардан жардам күтпө! — деди.

Эр Төштүк кумдан бошонуюн деп аракет кылды эле, бошонмок түгүл манжаларын да кыймылдата албады. Айласы кеткен баатыр кыйкырды эле, кыйкырык түгүл үн да чыккан жок. Төштүк ал-күчүнүн баарын жер соруп алып жатканын сезди. Анын терисине бир заматта эле бырыш-тырыш кирип, чачы агарып кетти. Ага жардамга келе турган киши да жок эле. Сакага айланып, анын чөнтөгүндө жаткан Чалкуйрук да ээсинин кандай тагдырга туш болгонун билбеди.

Эсинен танган Төштүк андан бери канча мезгил өтүп кеткенин



билген да жок. Бир кезде көзүн ачып, өзү аз жерден өлүп кала жаздаган аңдын жанында жатканын көрдү. Араак ченде тааныш эмес жаш аял отурат, Төштүктүн көзүн ачканын көрө коюп:

— Мен Көкдөөнүн кулу Куйту-күңмүн. Ал мени жер үстүнөн уурдап келген. Мен сенин жашынышыңа жардам берем, — деп шыбырады.

Эр Төштүккө акырындап күч кире баштады. Ал Куйту-күндүн артынан араң дегенде үлгүрүп ээрчип бара жатты. Куйту-күң жолдо баратып өзүнүн көргөн азап-тозогун баатырга толугу менен айтып берди. Ал кытай ханынын кызы Бейти экен. Куйту-күң деген атка күндүн көзүн көрбөгөнгө көнө албай, алыста кайгы-мунда калган ата-энесин сагынып, сары оору болуп жүргөнүнөн улам ушул жер астында конуптур. Ал өзүн уурдап келген Көкдөөнү аябай жек көрөт экен. Куйту-күң андан желмогуз бала төрөптүр, баары бир экөөнүн өлгөнүн көрсөм дегенде ак эткенден так этет экен.

Бейти баатырды Көкдөөнүн эс алуучу жайына ээрчитип кирди. Үйдүн бурчунда Дөөнүн баласы уктап жаткан бешик турат. Алар бешикти жылдырып коюшуп, анын алдынан ороо казышты да, ага Эр Төштүк түшүп, жашынып калды.

Бир аздан кийин үйгө Көкдөө келди. Ал өзүнүн эпсиз чоң кенен керебетине бутун сунуп жатты да, Куйту-күндүн ага чиркей да жолотпошун буюрду.

Бир маалда Эр Төштүк шибеге менен Чоюн-Кулакты сайгылап кирди. Өкүрүп-бакырып ыйлаган бала уктап жаткан каарлуу атасын ойготуп ийди.

— Куйту-күң, балага эмне болгон? Соорот баланы! — деп ал кыйкырып калды.

Аял баланы соороттуп бүтөөрү менен Эр Төштүк шибегесин алып дагы сайгылап кирди. Өкүрүп-бакырган бала жаңы эле уйкуга кеткен Көкдөөнү кайра ойготуп ийди. Анда ойгонуп, жини шакардай кайнап ордунан тура калган Көкдөөгө Бейти мындай дейт:

— Балаң жанын өзүңдүн өлбөс жаныңа кошуп коюуңду каалап жатат. Ыйлаганынын жөнү да ошол.

Көкдөө күңдү көп ишенкиребей карап турду да, анан: „Эшикке чыгып тур“ деди. Бейти тышка чыгып кетээри менен Дөө бешикке жүзүн жакындатып:

— Бияктан алыс-алыс жерде, чөлдүн аркы жагында, Ал-Тайкы деген аскалар бар. Ал аскалардан Алтын-Башат деген алтын булак агып чыгат. Ал жерде аркар жашайт. Аркардын ичинде сандык бар, ал сандыкта кырк кучкач бар. Менин жаным мына ошолордо. Сенин жаның салынган кучкач да ошол жерде болот, — деп баласынын кулагына шыбырады.

Төштүк баланы сайгылаганын токтотту, тынч алган бала да, Көкдөө да бат эле уктап калышты. Бейти баатырды шаардан узатып чыгарып коюп, коштошуп кала берди.

Жалгыз калган Төштүк чөнтөгүнөн сакасын алып чыгып өкчөп койду эле, алдында анын акыреттик досу Чалкуйрук пайда болду да, экөө алтын булакты беттеп зымырап учуп жөнөштү.

# Жеңиш

Көкдөө өзүнүн эс алчу жайында эмнегедир шалдырап, буту-колун тартканга дарманы келбей жатты. Анын буга чейин минтип ооруп калганы, же алы кеткени дегеле эсинде жок. Бир маалда эшик шарт ачылды да, бөлмөгө Эр Төштүк кирип келди. Баатырдын бетине бырыш-тырыш түшүп, чачтарынын баары агарып, катуу карып кетиптир. Көкдөөнүн өзү деле жыргап кеткен жок, канча кылым, канча мезгил жашаганы менен бир эле заматтын ичинде мусапырдын кейпин кийип, оту өчкөн көздөрү менен баатырды карап турду. Төштүктүн колундагы жыгач сандыкчаны көргөндө Көкдөөнүн жүрөгү такыр эле түшүп калды.

Ал:

— Менин желден күлүк аркарымды кантип кармап алдың?! — деп сураганга араң жарады.

— Менин досторум көп! — деди Эр Төштүк сырдуу, аска бетинде ары ойноп, бери ойноп Чалкуйрук экөөнө түк карматпай койгон аркарды ойлоп. Айласы кеткен Төштүк көптө барып гана илбирсти эсине түшүрдү. Илбирске аркарды кармаш татаал деле эмес болучу. Ошентип, Төштүк колго түшкөн аркардын ичинен сандыкчаны суурул алды да, дароо эле отуз тогуз кучкачтын мойнун жулуп салды. Баатыр эми минтип акыркы тирүү калган кучкач менен калтырап-титиреген Көкдөөнүн алдына келди.

— И-ии, Көкдөө, жер үстүнө кетүүчү жолду эми көрсөтөсүң го? — деди баатыр колуна акыркы кучкачты кыса кармап.

— Жан соога, Төштүк! — деп Көкдөө жалынып жиберди. — Менсиз сен жер үстүнө чыга албайсың. Жолду сага Желмогузду жиберген Бекторунун өзү тосуп турат. Ал сени бияктан жөн эле чыгара койбойт, ага сенин өлүмүң гана керек.

— Андан башка жол болуш керек, жашырбай айт, же жашооң менен коштошо бер! — деп Төштүк кучкачтын башын жулуп алмакчы болду.

— Шашылба, баатыр Эр Төштүк! Сени жер үстүнө Алпкаракуш алып чыга алат...

Сөзүн бүтүп-бүтпөй, Көкдөө бөлмөдөн чыга качып жөнөдү.

Төштүк жаны чыгайын деп калган кучкачты ыргытып жиберип, Көкдөөнүн артынан түштү. Жан айласын издеп, далбастап качып бараткан Көкдөөгө ана жетем, мына жетем деп бараткан Төштүк Наркескенди колуна оңдой кармады.

Бир кезде Көкдөө туруп эле жок болуп кетти. Таң калып оозун ачкан баатыр эки жагын энтеңдеп карап, жерде бир кап буудайдын чачылып жатканын көрдү. Ушул төгүлүп-чачылып жаткан эгиндин ичинен эми ал Көкдөөнү кантип табат? Кумурскалардын жардамы



мына эми тиймей болду көрүнөт. Төштүк баягы кумурсканын бутун ала коюп түтөтүп ийди эле ар кайсы тешиктен жер жайнаган кумурскалар чыга келишти да, кумурскалардын падышасы алеки заматта баатырга буудайдын кичирээк бир данын көтөрүп жетип келди. Төштүк артына бурулуп, короодо байланып турган уйларды көрдү да, алаканына жаңкы буудайдын данын салып, сыңар мүйүз уйдун биринин оозуна алпарды. Ал буудайды тили менен жалап гана койду. Жер астындагы дүйнөнү титиреткен, өлбөстүн суусун ичип өткөн түбөлүк караңгылыктын падышасынын күнү мына ушинтип чоң өкүнүч менен бүттү.

Эр Төштүк сарайдан чыкканда аны Маамыттар чогуусу менен күтүп турушкан экен. Алар Төштүктүн карыганын, чачтарынын ак куудай болуп кеткенин көрүп алышып жаман капа болушту. Аңгыча болбой аларга удаа эле Акченем менен Конокбайлар да жетип келишти. Көкдөөнүн өлүмү тууралсындагы кабар жер астындагы дүйнөнүн төрт тарабына тез эле тарап, элдин баары сүйүнүп жүрүштү. Тоо-токойлорго жашынып, качып жүргөндөрдүн баары шаарга кайра кайтып келишти. Көкдөөнү тегеректеп жүргөн жан жөкөрлөрү, кошоматчылары, камчысын чапкандары - баары тең туш тарапка кубаланды.

Акченем баатырга ыраазычылыгын билдирип, жетине албай, сүйүнгөндөн эмне дээрин билбей турду. Төштүк Акченемге өзүнүн жеңишине ортоктош болгон Маамыттарды, Чалкуйрукту тааныштырды. Андан соң Акченем ага атасынын кайгылуу тагдыры тууралсында, Көкдөө Урумканды кырк кулак казанга салып, Алакөлдүн түбүнө чөгөрүп таштаганы тууралсында айтып берди. Муну уккан Чалкуйрук чыдабай кетти. Ал хан кызына таазим эте жүгүндү да:

– Мен ал казанды алып чыгып бере алам! – деди да, анан Төштүккө бурулуп айтып калды:

– Көлдүн түбүнө түшкөнгө уруксат эт, баатыр! Эгерде суунун үстүнө көбүк кан чыкса, анда менин казан үчүн жин-шайтандар менен жан аябай кармашып жатканым. Кара көбүк кан чыкса, анда менин өлөөрүмө аз калганы. Агарган көбүк оргуса, кадиктүү тулпар



Чалкуйрук, казанды сүйрөп келгени.

Ошентип айтып коюп Чалкуйрук сууга курулдаган тейден кирип кетти да, жээктегилердин баарын күттүрүп, көпкө кабар болбоду. Бир кезде Жер тыңшаар Маамыт жерге жата калып:

— Үч Маамыт менен Эр Төштүк, мен көргөндү көрдүңбү, мен туйганды туйдуңбу? Сормо көлдүн түбүнө, сопол куйрук, сом туяк, ал Чалкуйрук барыптыр. Чалкуйрукка ал казан, азапты артык салыптыр. Талкалашып тебишип, тальыкпастан урушуп, канаттары кайрылып, катуу мүшкүл иш көргөн, жаныбарым Чалкуйрук, күч-кубаттан айрылып, ал Чалкуйрук буудандын, каны калган бир кашык, эти калган көк жашык. Эмнегедир улам тереңге кетип, кармаш жайы көп угулбай да калды, - деп чыркырап ийди.

Алакөлдүн бетин кандуу көбүк жаап калды. Төштүк жээкти бойлой ары-бери чуркап:

— Кагылайын Чалкуйрук, айбан да болсо жаныбар, каралашкан бууданым. Канча бир ирет жан биргем, душманымды куткарбай, өзүңдү минип куугамын. Өлүмгө эмне жибердим, өзүңсүз кантип жүрөөрмүн… — деп кыйкырып жүрдү.

Мына ошентип Эр Төштүк, кара жаак булдурсун, кармай калып имерди. Ит ичпестин Алакөл, карсылдатып жиберди. Төрт Маамыты биригип, жерди сабап турганда, жер титиреп, көл толкуп, жеткилең кыйын иш болду, көлдүн баары чачылды, жердин баары казылды.

Төштүк Чалкуйруктун артынан мына-мына Алакөлгө түшкөнү турган. Бир кезде көлдүн үстү мемиреп, тынчый калды да, суу астынан агарган көбүк, көбүктөн кийин дегеле опсуз чоң казанды сүйрөп Чалкуйрук сүзүп чыкты. Төштүк менен Маамыттар аны утурлай жүгүрүп жетишти да, казанды кырк кулагынан сүйрөп тышка алып чыгышты. Капкагын ачышса колунда таягы бар, алтын-күмүштөн кыюулаган кийимчен Урумкан чыга келди. Акченем атасын барып кучактап, ал экөө турду бышактап, Урумкан жетти Төштүккө, үзүктөй жерди үч аттап:

— Бар бол, баатыр! Досторуңа да ийилип таазим этем. Жерибизди Көкдөөдөн бошотуп бердиңер, эми каалаганыңардын баарын сурагыла. Колумдан келгенди силерден аябайм, — деди аларга ыраазычылыгын билдирип.

Ошол эле жерден Жейрен секиртпес Маамыт чабармандыкка дайындалды. Жер тыңшаар Маамыт менен Көрөгөч көз Маамыт Урумкандын кеңешчилери болуп калышты. Эпчил ууру Маамытты болсо хан келген меймандарга оюн көрсөтүү үчүн чакырып алды. Анан Эр Төштүккө мындай деп кайрылды:

— Жолуң алыс да, татаал да, баатыр. Сени жер үстүнө Алпкаракуш гана алып чыга алат. Ал жер астындагы дүйнөнүн чегинде жашап, дүйнөлүк дарактын чокусуна уя курат. Биздин дагы, силердин дагы дүйнө мына ушул

дарактын тамырына байланган. Жер астындагы дүйнө баштары сынган, Алпкаракуш байырлаган байтеректен, жарык дүйнө эпсиз чоң чынар теректен башталат. Ал теректин түбүндө менин кызым Бектору жашаган анча чоң эмес алачык турат. Тээ атам замандан бери ал биздин чегибизди кайтарып келет, муну Кудайым өзү ченеп-бычып койгон. Дүйнөлүк дарак бир болгону менен ал экөөнүн ортосунда түпсүз туңгуюк жатат. Дарактын бир тарабынан экинчи тарабына бир да жан өтүп кете албайт.

Сен биздин дүйнөгө Бекторунун каалоосу менен келгенсиң. Ал сага түбөлүк аял болуп калыш үчүн сенин өлүмүңдү каалаган. Мен эми бул дубаны кайра жандырам. Сенин Кенжекеге болгон сүйүүң сени күн дүйнөсүнө жеткирет. Бектору канчалык кайгырбасын акыры сени кечирет, канча кылган менен ал сенин уулуңдун апасы эмеспи. Келечекте уулуң Бокмурун далай эрдиктерди көрсөтөт. А сен Кенжеке экөөң бактылуу болгула. Сен бул жакта жүргөнүңдө жердин үстүндө жети жыл өтүп кетти! Сени карган ата-энең, жаш колуктуң катуу сагынып, күн сайын жол карап күтүп жүрүшөт. Коштошоордо өзүңө алтын сака берейин деп турам, өкчөгөн сайын каалашңча алтын алып турасың!

Канчалык кыйын болсо да коштошуу керектигин жаңы кызматтуу болушкан Маамыттар да, аларды таштап кетип бара жаткан Төштүк да жакшы билишет. Алардын оюна койсоң ажырашпай ээрчип эле жүрө беришe тургандай. Чалкуйрук Бейти экөөн гана көтөрүп уча алмак.

Эр Төштүк мурдагы күнгө кайрылып:

— Көкдөөнүн уулу кайда? — деп сурады.

Бейти колу менен сарайды жаңсап көрсөттү эле, Төштүк ошо хан сарайын көздөп жөнөдү.

Кирээрде Төштүк токтоду да, акырын кулак түрүп тыңшады. Баары тынч. Төштүк эшикти ачып, үйгө кирээри менен бирөө секирип келип аны жерге көмөлөтө койду. Көрсө ал Көкдөөнүн баласы Чоюнкулак экен. Кыска убакыттын ичинде эле ал аябагандай өсүп кетиптир, эми ага Төштүктүн да алы жетпей турду. Ал баатырдын кекиртегине тиш сала албай:

— Атамдын өчүн албай тынбайм, Төштүк! Каныңды ичем! Дагы кичине чоңоем да, сени өлтүрүп тынам, Төштүк! — деп ызырынып жатты.

Бейти менен Чалкуйрук баатырга жардамга жетип келишпегенде эмне болоорун ким билсин. Бейти баланын бутун тулпардын куйругуна байлады да, Чалкуйрук өкүргөн ымыркай кан ичээрди дыргаяктатып сүйрөп кетти. Төштүк эсине араң келип отурганда үзүлгөн арканын сүйрөп Чалкуйрук да келип калды. Ошентип, Төштүк Бейти экөө Чалкуйрукка миништи да, көккө сызып чыгышты.

# Алпкаракуш

Чалкуйрук ээн талаа, эрме чөлдө сызып кетип баратты. Айлана-тегерек жыланач аска-зоолор менен курчалган. Бул чөлкөмдү жер астындагы дүйнөнүн кишилери да көрбөсө керек. Алдыда көктү карай бой керген, баштары сынып бүткөн байтерек калдаят. Теректин башындагы бактын бутактарынан Алпкаракуш салган зор уя алыстан эле көзгө көрүнүп турат.

Аска-зоолордун ичинен байтерек калдайып өсүп турган бош жерге чыгышаар замат эле Эр Төштүк менен Бейти жолдун барып чоң тоого такалаарын көрүштү. Көрсө, бул тоо эмес эле уктап жаткан ажыдаар болуп чыкты. Тоодой болуп жолду тосуп жаткан бул ажыдаардын жанында алар өзүлөрүн кумурскадай сезишип, Чалкуйрук кошкуруп, алдыңкы эки колу менен таканчыктап токтой калып, арттагы кууш капчыгайга чегинди.

Төштүк таштан башын чыгарып, бул түрү суук жалгыз көздүү желмогузду таңыркап карап турду. Кармашайын десе ажыдаар алеки заматта оозунан үйлөгөн отуна куйкалап тынчудай. Дүйнөлүк бактын тегерегиндеги күйгөн жер, тегеректеги додолонгон сөөктөр, арыраакта жаткан чоң кылыч да бул жердеги далай окуянын, далай кармаштардын далили өңдүү.

Акыры баатыр Бейти экөө от жагышты да, ага кылычты салып кызытып алып, Чалкуйругун минип, Бейти менен коштошуп, уктап жаткан ажыдаарды көздөп жөнөп калды.

Эр Төштүк отко кызарган кылычты ажыдаардын жалгыз көзүнө матырды да, колуна өзүнүн Наркескенин алды. Көзү агып түшкөн, ойгонгон ажыдаардын өкүрүп-бакырыгына аска-зоолор солкулдап, тим эле жер титирейт. Ажыдаар көзүнүн ооруганына чыдабай, ар жак — бер жакка оозунан от бүркөт. Чалкуйрук ары-бери буйтап, жалынга кабылбай качып жүрүп, бир кезде ажыдаарга жакындап келди. Ошол замат Наркескендин мизи күнгө бир жарк этти да, ажыдаардын башы жерге тоголонуп түштү. Баатырдын эсине дагы эле Кенжеке түштү, эгер ал Чалкуйрукту мингизбесе, ок өткүс зоот Чайингини кийгизбесе, колуна Наркескен кылычты бербесе тагдыры эмне болмок?!.

Төштүк ажыдаардын өлүгүн кескилеп салды. Ажыдаар эми тирилбейт дегенде жогору жактан Алпкаракуштун балапандарынын чыйпылдаганы угулду. Көрсө, алар баатырды өздөрүнө чакырып жатышыптыр. Төштүк ажыдаардын башын алып, этинен кесип алып, Чалкуйрукка минип, алардын уясын көздөй сызып жөнөдү.



Ар бири аттай болгон куштун балдары баатырды чоң кубаныч менен тосуп алышты. Анын бири салабаттуулук менен:

— Өмүр бою ыраазыбыз сага, баатыр! Кырк жылдан бери энебиз биздин чоңойгонубузду көрбөй келет. Жалгыз көздүү ажыдаар кырк жылдан бери энебиз тууган жумуртканы жеп кетип турат. Бул сапар да энебиз биз менен көз жашын көлдөтүп, коштошуп кеткен. Сен болбогондо бүгүн да ажыдаар ойгонгон соң бизди жеп коймок. Ырахмат сага, эр жүрөк баатыр, көп жаша!

Төштүк ачка балапандарды ажыдаардын этине тойгузуп болгон соң алар мындай дешти:

— Апабыздын учуп келээр маалы болуп калды. Жашынып калбасаң болбойт. Ал бизди ажыдаар баягысындай жеп кеткен экен деп алыстан эле көз жашын буркурап төгүп келет. Анын төккөн жашы нөшөрлөгөн жамгырга айланат да, канатынын күүсүнөн аскадан алачыктай болгон таштар кулап турат. Бирок сен андан коркпо, биз турбайбызбы!

Ошентип, Чалкуйрук темир сакага айланды, аны Төштүк чапанынын чөнтөгүнө катты да, өзү ажыдаардын башын алып, балапандардын канатынын алдына жашынды.

Бир кезде катуу бороон башталды да, аска-зоодон алачыктай таштардын кулап, катуу жааган жамгырдын тамчыларынын мөндүр сымал жерди сабаган үнү угулуп турду. Аз өтпөй байтеректин башы жерге бир тийип, бир көккө көтөрүлүп куштун келип конгону байкалды.

— Кудайга миң мертебе тобо! Балдарым тирүү барсыңарбы? Соргок ажыдаар кантип силерди тирүү калтырды экен? Тамак апкелдим, курсагыңарды тойгузуп алгыла, — деп жатты Алпкаракуш.

— Курсагыбыз ток, — деди балапандардын бири.

— Ажалдан болсо аман калдык, ажыдаардын өзүнүн сөөгү сөпөт болду, мынакей! — деп балапандар канаттарын ачышып, апасына ажыдаардын башын көрсөтүштү. Алпкаракуш аны дароо эле сугунуп койду да:

— А силерди ким куткарып калды? — деп сурады.

Балапандар канаттарын дагы ачышып, Төштүктү көрсөтүшкөндө Алпкаракуш а дебей, бу дебей туруп аны да бир эле сугунуп койду. Балапандар апасын төрт жагынан тыткылашып, чуулдап жиберишти:

— Бул эмне кылганың? Жакшылыкка кылаарың ушул беле? Кое бер Төштүктү!

Алпкаракуш балапандарын канаты менен акырын түртүп койду да, баатырды кайра кусуп жиберип:

— Досубузга жамандык самамак белем? Мен ага күч берейин,



кулбат берейин деп жутпадым беле! — деп Төштүктү канаттары менен сылап койгондо баатыр мурдагысындай жаш да, күчтүү да болуп чыга келди. Уядагы балапандардын алдында куудай болуп агарган чачтары да, сакалы да жок, жашарып, күч-кубатка толгон баатыр турду.

— Каалаганың эмне, баатыр? — деди сүйүнгөн куш.

— Бейти экөөбүздү жердин үстүнө алып чык! — деди Төштүк толкундана.

Ошентип, Алпкаракуш татаал да, оор да жүрүшкө даярдана баштады. Адегенде кырк бугуну, кырк аркарды алып келди. Төштүк аларды жакшылап союп, эттерин каптарга бөлүштүрүп салды. Терисин кынаптап, алардан чанач жасап, суура толтурду. Буларды кушка жүктөп болгон соң, балапандар менен коштошуп, канатка Бейти экөө да отурушту.

Алпкаракуш көккө сызып чыкты.

## Элге-жерге кайтып келүү

Алпкаракуштун үстүндөгү Бейти менен Төштүк көздөрүн катуу жуумп алышты. Куш канаттарын күүлөгөн сайын ызылдаган катуу шамал этек-жеңди делбектетет. Алар тегеректи көзгө сайса көрүнгүс караңгылык каптаган капчыгайдын ичинде учуп бара жатышты. Өйдө учуп баратышабы, ылдый учуп баратышабы, кайсы мезгил, кайсы учур экенин билишкен да жок. Алпкаракуш кез-кезде гана шаңшыган үнүн чыгарып, Төштүктү бурулуп карап калат. Баатыр ошол замат кушка дароо эт берип, суу ичирет. Бир кезде куш да бир ирет шаңшыганда карай салып Төштүк эттин түгөнгөнүн көрдү. Эмне кылуу керек, алы кеткен куштун учушу да акырындай баштады. Көпкө жетпей алар түпсүз туңгуюкка кулап түшүшү да ыктымал.

— Бир тилим эле эт! — деди Алпкаракуш шыбырап. — Алым кетип, уча албай калдым!

Төштүк Наркескенди алды да, жоон санынан шарт эттирип бир кесим эт тилип алды. Эмне болгон күндө да бул Караңгылык дүйнөсүнөн чыгып кетүү керек!

Алы кетип алсыраган куш акыркы күчүн жыйнап, канатын да бир сермээр менен булуттарды тешип өткөн күн нурлары көз уялта жарк дей түштү. Улам барган сайын жылуулук сезилип, көз алдыга көгөргөн асман, кара жер калдайып чыга келди.

Алпкаракуш жакын жердеги дөңсөөгө барып конду. Алдыда тулаңга оролгон кенен талаа келберсип жатты. Тоо-талаалар, өзөн-суулар, жер жайнаган гүлдөр, бетеге-тулаң. Көк асман чүмкөп, ак кар жамынган тоо баштары. Эртең мененки соккон салкын жел мурунду кытыгылап, жаз жыттанат.

Бейти жерди кучактап алып ыйлап жатты, жада калса Төштүктүн көздөрүнө да жаш тегеренип кетти. Сүйүнүчтүн, кубанычтын, а балким өкүнүчтүн жашы болсо керек. Адам баласына жерден артык эмне бар?!

Каны шоргологон Төштүктүн бутун көрө коюп Алпкаракуш канаты менен сылап койду эле, алеки заматта жараты бүтүп калды.

— Кош бол, баатыр! Аман калган балдарым үчүн чоң ыраазымын! Мен сени кыяматта унутпаймын. Керек болсом чакырып ал, алдыда сени зор иштер күтүп турат. Досторуңа достой бол, кастарыңа кастай бол! — деп айтты да, канаттарын тез-тез күүлөгөн Алпкаракуш бир заматта жок болду.

Эр Төштүк сакасын өкчөөр замат алдында жер чапчыган Чалкуйругу даяр болду да, чоң кубанычта гүлдүү талаа менен алып-

учуп жөнөдү. Таноолору көөп, кызып алган тулпар сагынып калган Мекенин, кыргыз жергесин, үйүр-үйүр жылкыга толгон тоолорун, үйүн самап сызып барат.

Төштүк Кашкарга келгенде Урумкан берген алтын сакага кырк төө сатып алды. Аларга алтын-күмүш, асыл таштарды, белек-бечкектерди жүктөдү. Бейти экөө аябай кийинип, кербенчилерди жалдашты да, жолго чыгышты.

Тез эле үйдү көрсөм деген сайын жолдун арбымагы азап. Баштарын ак кар чалган тоолор көрүнөөр бекен деп Төштүк жолдон көз албайт. Башына ар кандай ойлор келет, жаңы үйлөнгөн колуктусу менен жети эле күн жашады, экөөнүн коштошконуна болсо жети жылдын жүзү толду. Унутуп койду бекен, күттү бекен? Тирүүмүн деп баатыр ага жер астынан кабар да бере алган жок да. Андан ата-энеси деле түңүлүп бүтүшсө керек. Төштүк ата-энесин, колуктусун сынап көрүүнү чечти, кийме сакал тартынып, башына чалма салды.

Кербен анын туулуп-өскөн Кебез тоолоруна да жакындап келди. Тоо этегинде ага бала кезинен тааныш шаар жайгашкан. Бай кийинишкен соодагерлерге, байлык жүктөлгөн төөлөргө таңыркаган шаардыктар аларды утурлай бири калбай баары көчүп чыгышты. Төштүк элдин ичинен жамалы өчкөн, муңайым Кенжекени көрдү. Ал да бирөөнү издеген сымал кербенчилердин ар биринин жүзүнө үңүлө карайт. Анан Төштүктүн жанына келди да, аны таныбай:

— Менин күйөөм Эр Төштүк жөнүндө эч кабар эшите алган жоксуңбу, жолоочум? Ал жети жыл мурун жоголуп кетти. Мен алыстан келгендердин баарысынан сурап жүрөм, бири да билбейт, — деди.

Аз жерден Төштүк «Сенин Төштүгүң менмин» деп кыйкырып ийе жаздап, араң чыдады да:

— Сенин күйөөң жөнүндө уккандай болдум эле. Төштүк жер алдына түшүп, желмогуздар менен кармашып каза таап тыр деп айтып жүрүшөт, — деди.

Кенжеке ачуу чаңырып калганда, Төштүк чыдай албай атынын башын буруп, бастырып кетти. Аны кайра Кенжекенин кыйкырыгы токтотту:

— Жакшы киши экенсиз, бир азга токтой турсаңыз! Бастырып кеткениңизде эмнегедир атыңыз Чалкуйрукка, өзүңүз турган турушуңуз менен Төштүккө окшошуп кеттиңиз да!

— Жинди болоюн деп калгансың го! Бизди кармаба, биз соодагер болобуз! — деди баатыр Кенжекени тик багып карай албай. Бирок чылбырды бек кармаган Кенжеке аны кое берген жок.

— Силерге бир өтүнүчүм бар, жолоочум! Кайнатамдыкына түшүп,

өргүп кеткиле. Силер жаманбы-жакшыбы күйөөмдөн кабар алып келдиңер, мейман болуп кеткиле!

Хан үйүнүн короосуна чоң өргөө тигилди. Боз үйгө кирген Төштүк төргө өтүп, дасторконду тегеректеп мулуюшкан атасы Элеманды, агаларын карабаска аракеттенди. Кенжеке баарына кымыз куюп сунду да: «Күйөөм Төштүк, каза таaптыр. Ичип, аны эскерип койгула. Дал бүгүн Чааринген менен кара бээ да тууду. Ошентип, Төштүктүн өлүмү да чын болуп чыкты», — деди.

Койдун эти алдыга тартылганда Кенжеке Төштүккө минтип кайрылды:

— Күйөөмө арнап куран окуп койсоңуз!

— Төштүктүн уруюна арналат, — деп араң эле ооз учунан күбүрөдү баатыр, Курандын сүрөөсүн так айта албай. Көздөрүндө жаш тегеренген Төштүк кербенди карайм деген шылтоо менен боз үйдөн чыгып кетти.

Кечинде боз үйгө от жагышты. Жалгыз калган Төштүк уктоого кам уруп, көйнөгүн чечти. Чечип-чече элегинде эле артынан бышактаган үндү укту. Бурулуп, ал өзүнүн карып калган апасын көрдү.

— Эмне ыйлап атасың, эне?! — деди Төштүк.

— Сенин оң ийниңде да менин өлгөн уулумдукундай болгон меңиң бар экен.

Төштүк карып, кайгыга чөккөн энесин көргөндө чыдай албай кетти да:

— Мен Төштүкмүн! Мен сенин уулуң Төштүкмүн, эне! — деп жиберди аны кучактай. Энеси да өкүрүп-өксөгөн бойдон Төштүктү баса жыгылды. Аңгыча чуру-чууну уккан Элеман да балдары менен кошо жетип келишти. Төштүктү кучактап алышып, баары ыйлап жатышты.

Боз үйгө Кенжеке да кирип келди, караса Төштүктү баарысы кучактап жыгылышыптыр. Түшүнгөн Кенжеке да аларга кошулуп баарын баса жыгылды. Ата-энесинин, ага-инилеринин кучагынан араң бошонгон Төштүк эми Кенжеке менен кучакташып, тилден калышып, эмне дээрин билбей дел болуп турушту.

— Кечир мени, Кенжеке! — деди Төштүк. — Мен сени сынайын дегем. Кайгыңа кайгы коштум, күйүтүңө күйүт коштум. Сенин сүйүүн болбогондо үйүмө, жергеме кайрылып келбейт болчумун.

Ал ортодо бир туугандары эки чанач сууну алып келе коюшуп экөөнүн ортосуна төгүп ийишти. Бул үйдүн кайгы-капасы ушуну менен кетсин дешти. Кубангандан Төштүк аз жерден эсинен танып кала жаздады. Кенжеке аны кучактап, кармай калды.

Аңгыча жер чапчып, окуранган Чалкуйрук да жетип келди. Аны

көргөн Кенжеке: «Жүрөгүм канга чыланып турганын көрүп эмне унчуккан жоксуң, Чалкуйрук?!» депурушупийди Бирок, ага эркелеген тулпарды көрүп таарынычын бат эле унутуп койду. Чалкуйрук да аябай сүйүнүчтө болду.

Аздан соң Төштүк Кенжекенин боз үйүнүн босогосун аттады, мына ошондон бери ал экөө комуз менен комуздун кылы сыңары ажырашпай чогуу келет.

Эртеси Элеман бүтүндөй кыпчак элине «Жети жыл жоголуп кеткен Төштүгүм табылды» деп, сүйүнгөнүнөн төрт түлүк малынын баарын чачып, өрттөнгөн жүрөгүн басып, кайгынын баарын жоголтуп, көңүлүн кайра оңолтуп той берди. Кыргыздар тоо-токойлордон, бел-белестерден тойго келишти. Тойго келген эл түзгө батпай кылкылдап, Ала-Тоодой эт, Ала-Көлдөй чык болду.

Талаа-түзгө жаңырган ыр көккө оболоп, комуздар шартылдап чертилип, кыяктар тартылып, чоорлор созолонду.

Төштүк андан кийин да далай-далай эрдиктерди көргөздү. Кыргыз жерим деп, кыргыз элим деп далай ирет кан-жанын төктү. Эл да өзүнүн сүйүктүү баатыры туурасында көптөгөн ыр-күүлөрдү, аңгеме-жомокторду жаратты. Алар ошол күндөн ушул күнгө, ал доордон бул доорго чейин төгүлбөй-бөксөрбөй, чайпалбай-чачылбай толук келет. Ошол замандардан, ошол доорлордон бизге да төмөндөгүдөй ырлар келип жетти:


*Алакандай мусулман,*
*Сырттаны элең, сен Төштүк.*
*Алакандай мусулман,*
*Кутманы элең, сен Төштүк.*
*Найзакерден эрендин*
*Ыктуусу элең, эр Төштүк.*
*Алакандай мусулман*
*Мыктысы элең, эр Төштүк!*



1. Жоокер



2. Ажыдаар



3. Көкдөө



4. Алпкаракуш

Урматтуу балдар!

Китептин ички мукабаларында (форзацтарында) катылган жер алдындагы дүйнөнүн каармандарынын үч өлчөмдүү сүрөттөрүн көрүш үчүн сүрөттүн орто жерин мурдуңардын учуна алып келгиле да, сүрөттүн ары жагын карап жаткандай карагыла. Сүрөт бир мезгилде көрүнө баштайт.

Ошентип үч өлчөмдүү сүрөт даана көрүнгүчө, сүрөттү бетиңерден акырындап алыстата бергиле.


Адабий-көркөм басылма

Эр Төштүк

Адабиятташтырып иштеп чыккан Виктор Кадыров
Которгон Эсентур Кылычев
Редактору Ж. Жапиев
Сүрөтчүсү Э. Халмурзаев
Компьютердик калыпка салган Е. Елфимова, О. Кадырова

Формат 70x100 1/16. «Академия» гарнитурасы. Офсеттик кагаз.
Офсеттик басуу. 4,19 шарттуу б. т. Нускасы 2300 нуск.

«Раритет» басмасы
Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Трудовая к., 1б
тел./факс: (996 312) 64 48 73
тел. (996 312) 64 49 02
e-mail: rarity@ktnet.kg
www.books.kg



*«Эр Төштүк» — байыркы элдердин мифтик элементтерин, магиялык түшүнүктөрүн сактаган жана жомоктордун шыйкыр фантастикасын мурастаган эпос.*

*С. Кайыпов*

9 789967 424722

РАРИТЕТ